Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Шейшемби,
2025-жылдын
16-сентябры

№70 (3726)

www.erkin-too.kg

# Президент Ислам Академиясын ачты

Президент Садыр Жапаров Чүй облусунун Токмок шаарында Ислам Академиясынын ачылышына катышты. Мамлекет Башчысы салтанаттуу иш-чараны ачып жатып, өлкөбүздүн билим берүү жана дин тармагында дагы бир жаңы барак ачылып жатканын баса белгилеп, архивдик булактардагы маалыматтарды келтирүү менен Борбор Азияда "ислам ренессансынын" жаралышына Сиражудин Аль-Оши, Имам Серахси-Узгенди, Кадыйхан Узгенди, Ж.Баласагуни, М.Кашгари-Барскани ж.б. ата-бабаларыбыз өз салымдарын кошконун дүйнө жүзү жакшы билерин белгилеп өттү. "Азыр биз турган жерде Бурана мунарасы менен таанылган, Улуу Жибек Жолунун боюндагы береке-куту төгүлгөн бул аймактан кезинде адеп-ахлак баалуулуктарын, илим жана билимди, ислам маданиятын бийик деңгээлге көтөргөн улуу ойчул бабабыз Жусуп Баласагын жашап өткөн эмеспи", - деди Президент. Ислам Академиясы теология жана дин таануу багытында жогорку деңгээлдеги билим берүү системасын өнүктүрүүгө, жогорку квалификациялуу адистерди даярдоого жана диний багыттагы кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын арттырууга багытталган алгачкы мамлекеттик жогорку диний окуу жайы катары Мамлекет Башчысынын Жарлыгы менен түзүлгөн. Кампустун аянты 2 га түзөт, анын ичинде окуу корпусу, спорт зал жана жатакана бар. Академия 400 студентке ылайыкталган. Академиянын өзгөчөлүгү – ал мамлекеттик бюджеттен каржыланып, өлкөнүн диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатына шайкеш иш жүргүзүп, салттуу ислам дининин баалуулуктарын илимий негизде изилдөөнүн жана жайылтуунун кепилдиги болуп бермекчи.





## Төраганын Тажикстанга сапары башталды

Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Тургунбек уулу Тажикстанга расмий сапар менен жөнөп кетти. Сапардын алкагында Төрага Тажикстандын Президенти Эмомали Рахмон, Жогорку Жыйынынын Улуттук Кеңешинин төрагасы Рустами Эмомали жана Өкүлдөр палатасынын төрагасы Файзали Идизода менен жолугушуп, эки тараптуу сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт. Төрага Нурланбек Тургунбек уулу баштаган Жогорку Кеңештин делегациясынын курамында депутаттар Сүйүнбек Өмүрзаков, Мурадил Сыдыков, Пархат Тулендыбаев, Арсланбек Малиев, Бекмурза Эргешов, Чыңгыз Ажибаев жана Бактыяр Калпаев бар.



## Касымалиев Ага Хан V мырзаны кабыл алды

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев Кыргызстанга жумушчу сапар менен келген Ханзаада Рахим Ага Хан V менен жолукту. Жолугушуунун жүрүшүндө тараптар эки тараптуу кызматташуунун кеңири чөйрөсүн, анын ичинде билим берүү, саламаттыкты сактоо, туризм жана социалдык өнүктүрүү тармагындагы маселелерди талкуулашты. Адылбек Касымалиев Ханзаада Рахим Ага Хан Vти жылуу кабыл алып, ага өлкө Президенти Садыр Жапаровдун атынан салам айтып, архитектура боюнча Ага Хан сыйлыгын тапшыруу аземин өткөрүү жери катары Кыргызстанды тандап алганы үчүн ыраазычылык билдирди. Министрлер Кабинетинин Төрагасы Ага Хан өнүктүрүү уюмунун Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүүсүндөгү зор ролун, өзгөчө анын экономиканын түрдүү тармактарында жана социалдык чөйрөдө маанилүү долбоорлорду ишке ашырууга кошкон салымын белгиледи. Ханзаада Рахим Ага Хан V жылуу кабыл алгандыгы үчүн ыраазычылык билдирип, Кыргызстан менен жемиштүү кызматташууну улантууга кызыкдар экенин билдирди. Андан соң архитектура боюнча Ага Хан сыйлыгына арналган жаңы почта маркасына мөөр басуу аземи болду.

## Кылмыштуу кирешелерди адалдоого каршы жыйын



Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары Данияр Амангелдиевдин төрагалыгы алдында террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча комиссиянын 15-жыйыны болуп өттү. Данияр Амангелдиев жыйынды ачып жатып, улуттук тобокелдиктерди баалоо – бул аялуу жерлерди аныктоого, бул коркунучтарга каршы туруунун натыйжалуу стратегияларын иштеп чыгууга мүмкүндүк берген маанилүү курал экенин белгиледи. "Биз системабызды тынымсыз өркүндөтүп, өлкө ичинде, эл аралык деңгээлде да бардык кызыкдар тараптар менен кызматташтыкты бекемдешибиз керек" - деп баса белгиледи. Жыйындын жүрүшүндө комиссиянын мүчөлөрү сунушталган тобокелдиктерди, улуттук баалоо жөнүндө отчетту кеңири талкуулап, терроризмди каржылоого, кылмыштуу кирешелерди легализациялоого каршы аракеттенүүнүн улуттук тутумунун негизги аныкталган коркунучтарын жана аялуу жерлерин карап чыгышты. Жыйында каржы секторунда жаңы технологияларды, виртуалдык активдерди, электрондук төлөм системаларын колдонууга байланыштуу тобокелдиктерди талдоого өзгөчө көңүл бурулду. Данияр Амангелдиев мамлекеттик органдардын жетекчилерине ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнүн күчөтүүгө, терроризмге жана кылмыштуу кирешелерди адалдоого байланыштуу каржылык операцияларды аныктоо жана бөгөт коюу боюнча иштин натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган конкреттүү тапшырмаларды берди.

**"Эркин - Тоо" пресс**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

225 ЖЫЛДЫК МААРАКЕ





# Кыргыздын кыраанны АЛЫМБЕК ДАТКА

**Ош облусунун Алай районунда тарыхый инсан, мамлекеттик жана саясий ишмер Алымбек датка Асанбий уулунун 225 жылдык маарекеси белгиленди. Маарекенин алкагында Чыйырчык ашуусунда Алымбек датка менен Курманжан датканын айкелдери ачылды. Ага удаа спорттук мелдештер уюштурулуп, кол өнөрчүлөрдүн шырдак, боз үй, каада-салтты чагылдырган көргөзмөлөрү өттү. Маарекеге арналып төкмө акындар арасында айтыш сынагы, ат оюндары, салбурун, ордо уюштурулду.**





Төкмө акындардын айтышынын байге фонду 6 миллион сомду түзүп, баш байгеге Ош шаарынан 1 бөлмөлүү батир коюлду. Казак-кыргыз акындары кызыл тилин бүлөгөн айтыштын финалына сегиз акын чыгып, Чыңгызхан Кожошев баш байгени (1 бөлмөлүү батир) жеңип алды. 1-орунду Изат Айдаркулова (500 миң сом), 2-орунду Кутман Садыбакасов (300 миң сом), 3-орунду Жылдызбек Төрөканов (200 миң сом) багындырды.

Маарекенин салтанаттуу бөлүгүндө Алымбек датканын өмүр баянынын негизги баскычтарын ачып берген даректүү тасма, ошондой эле ал жашаган доордун атмосферасын жана анын өмүрүндөгү эң маанилүү эпизоддорду көркөм формада чагылдырган театралдаштырылган пролог көрсөтүлдү. Ага Президент Садыр Жапаров катышып, «Айтыш» сынагынын жеңүүчүсүнө Ош шаарынан батир алууга сертификат тапшырды. Ал эми ат оюндарынын – аламан байге, кунан чабыш жана жорго салыштын жеңүүчүлөрү автоунаалардын сертификаттарын алышты.

Садыр Жапаров куттуктоо сөзүндө датка атабыздын жана анын замандаштарынын жеке эле кыргыз элинин эгемендиги эмес, ошол кездеги жалпы Түркстан элдеринин ынтымагын сактоого кошкон салымын аныктоо сындуу башка жагдайларды тактап иликтөө зарыл экенин айтып, кыл чайнашкан опурталдуу мезгилде Алымбек даткадай акылман аталардын олуттуу аракети менен кыргыздардын элдүүлүгүнүн пайдубалы андан ары бекемделип, түндүгү бийик көтөрүлгөнүн эч качан унутпашыбыз керектигин баса белгиледи.

“Алымбек датка атабыздын өмүр жолу баарыбыз үчүн чоң өрнөк! Эгемен Кыргызстандын ар бир жараны, айрыкча, элге кызмат кылууга бел байлаган мамлекеттик кызматкерлер Алымбек датканын ар тараптуу ишмердүүлүгүн үлгү тутушубуз абзел. Датка атабыздын ата-бабалар калтырган мамлекеттүүлүк идеясын туу тутуп, алысты көрө билген көсөмдүгүн, эли-жеринин биримдиги менен бүтүндүгү үчүн кара башын сайып койгон мекенчилдигин, “кара кылды как жарган” калыстыгын, кыйын кезеңдерде тайманбаган баатырдыгын, камкордугун, кайрымдуулугун жана адилеттигин бүгүнкү кыргыз жарандарынын аң-сезимине кыргыз наркын улай турган улуу сабак катары сиңирүү – биздин башкы милдетибиз. Жаштарыбызда мына ушундай улуу сапаттар калыптанып, Алымбек датка сыяктуу ата-бабаларыбыздан калган уңгулуу жолго түшкөндө гана мамлекетибиздин пайдубалы бекем, келечеги кең болот” - деди Садыр Жапаров.

XIX кылымда Алымбек датка Кокон хандыгынын саясий аренасында активдүү ролду гана ойнобостон, эл агасы, журт туткасы катары таанылган. Фергана жана Аркалык кыргыздардын арасында зор кадыр-баркка ээ болуп, улуттун сыймыгына айланды. Алымбек датка – Кокон хандыгынын саясий турмушуна 35 жылдай аралашып, Нүзүп бий, Алымкул аталык жана башка кыргыз төбөлдөрү сындуу эле ханга тете бийликти өз колуна топтой алган ишмерлердин бири. Алымбек датканын Кокон хандыгындагы 30 жылга созулган (1831–1862) саясий ишмердигине саресеп салсак, анын атуулдук өзгөчө сапатына – кыргыз элинин кызыкчылыгына кайдигер карап тура албаган, эл тагдырына өзүн жоопкер сезген жана анын келечегине кам көрө билген инсандык касиеттерине күбө болобуз. Ал ордодон датка наамын алгандыгына карабастан, тизе бүгүп чөгөлөбөстөн, хандын саясаты кыргыз кызыкчылыгына каршы келсе тайманбастан бир нече жолу бийликке каршы көтөрүлүшкө башчылык кылган.

Кокон ордосундагы эң жогорку кызматтардын бирине – вазирликке чейин көтөрүлүп, бир нече жыл бою хандыктын ички-тышкы саясатын жүргүзгөн. 32 жаш курагында өткүрлүгү, бийик адамгерчилик касиеттери, датка атыктырган адилеттиги, эл бийлөөгө шык-жөндөмү менен таанылган Алымбек датка Анжиян, Алай, Ош, Ак-Талаа, Жумгал, Тогуз-Торо, Куртка аймактарын башкарып турган.

1840-жылдын баш ченинде Алымбек датка Анжиян бектигинин борборун Ош шаарына көчүрүп келип, Ак-Буура дарыясынын боюндагы дөңсөөгө Ак Ордо орноткон. Ошентип, ордолуу Ош шаары Алымбек датканын акылмандыгы менен ири саясий борборго айланган. Ошту куруудa ал медресе ачып, илимдүү аалымдарды чакырып балдарды окуткан. Ал жерден таалим алып чыккан балдар алыскы Кашкар, Букара, Самарканд, Ташкент, Кокон, Меккеге чейин барып, билимин андан ары жогорулатышкан. Калың журтту жетектөөдө өзүнүн нагыз дипломат экенин айгинелеген Алымбек датка коңшу элдер менен достукту чыңдаган, маданий байланышты өстүргөн. Дал ошол Ош шаарында Алымбек датка, андан кийин зайыбы Курманжан датка алыс-жакындан келген конокторду, карапайым калкты кабыл алып, мамлекеттик жана чөлкөмдүк маанилүү маселелерди талкуулап, тарыхый чечимдерди чыгарып турушкан.

Ой-санаасында өз калкынын кызыкчылыгы менен жашаган Датка атабыз шилтеген ар бир кадамы менен кыргыз элинин аброюн көтөрүүгө бел байлаган. Датканын кыраакы чечими менен Ош шаарын көрккө бөлөгөн Ак-Буура дарыясына эки көпүрө курулган. Шаарды жашылдандыруу, чарбасын өнүктүрүү максатында дайранын суусун 9 тарапка буруп, Төлөйкөн, Жоош, Жапалак, Баргы, Увам, Сабай, Анжиян, Коңурат, Кыдырша арык деп аталган 9 каналды салдырган. Алымбек датка 200 жүз жыл мурда салдырып, көчөнүн эки тарабын тең жашылдандырган Ош шаарындагы көчөлөр бүгүн Алымбек датка, Курманжан датка жана Исхак Раззаков көчөлөрү деп аталып калды.

Алымбек датка жалаң гана саясий ишмердик менен алектенбестен, илим-билимге да терең маани берген. Буга албетте, анын "Ак медресеси" далил. Датка атабыз архитекторлорду Самарканд менен Кашкардан алдырып, медресе курдурган. Алардын келип-кетүүсү, эмгек акысы жана үй-бүлөлөрүнүн каржы муктаждыктарына чейин өзү каржылаган. Ал тургузган эки кабат медреседе мудариcкана, дарскана, намазкана жана жатак жайлар болгон. Медреседе иштегендерди да, окугандарды да тамак-аш, кийим-кече менен камсыз кылып турган. Мына ушундай иштер Алымбек датканын көсөмдүгүн, мекенчилдигин жана келечек муунга болгон камкордугун айгинелеп турат.

Тилекке каршы, ал мезгилде ордо оюндары күч алып, ортодо далай адамдар курмандыкка чалынып турган. Саясий тиреште Алымбек датка кайсыл тарапка ниетин бурса да эл кызыкчылыгын алдыңкы орунга койгон. Ар дайым канаттууга калкымды кактырбай, аман сактасам экен деген. Жүрөгүндө кыргыз турган. Мамлекеттикти түптөөдөгү максаты бийик болгон.

1860-жылы Кокон аскерлери Орусия армиясына каршы чыгышат. Мына ушул саатта Алымбек датка өз сарбаздарын ажал отуна айдабай акыл токтотуп, туура чечим чыгарып артка чегинген. Дал ошол убакта ал көптөн бери самап жүргөн максатын ишке ашырууну көздөп, арка кыргыздары менен жолугуп, жалпы кыргыз элин бириктирүү маселесин ортого коёт. Бирок аттиң, анын ушул ыйык мүдөөсүн билип калышкан Кокон ордосунун башкаруучулары Алымбекке кутум уюштуруп, алдап чакырып, жалындуу жүрөктү жалп этип өчүрүшкөн.

**Зулпукаар САПАНОВ**

***Саясий майданда Жогорку Кеңештин азыркы чакырылышы тарап, күзүндө мөөнөтүнөн мурда парламенттик шайлоо өтөрү тууралуу сөздөр күчөдү. Буга чейин да "7-чакырылыштагы парламент тарайт" деген сөздөр айтылып, бирок бийлик өкүлдөрү тарабынан четке кагылган эле. Эми кайрадан эл өкүлдөрү өз каалоосу менен октябрда тарап, ноябрь айынын аягына жаңы шайлоо белгиленери жөнүндө кеңири кептер айтылууда. Аны депутаттар өздөрү да тастыктап, өзүн-өзү таркатууну колдогон пикирлерин билдире башташты.***



САЯСАТТАГЫ КҮБҮР-ШЫБЫР...

# ЖОГОРКУ КЕҢЕШ ТАРАП, КҮЗҮНДӨ ШАЙЛОО БОЛОБУ?

Жогорку Кеңештин сессиясы башталган күнү "Альянс" фракциясынын лидери Жанар Акаев мөөнөтүнөн мурда шайлоо өткөрүүнү колдой турганын жар салып: "Азыркы Жогорку Кеңештин мөөнөтүнөн мурда таркашын мен колдойм. Буга эки себеп бар. Биринчиден, 2026-жылдын аягында парламенттин шайлоосу өтүш керек. Бул шайлоо аяктап, Борбордук шайлоо комиссиясы андагы бюллетендерди кол менен санап бүткөнгө чейин эле 2027-жылдын 24-январында Президенттик шайлоо келип калат. Үгүт иштери башталат. Менимче, БШК техникалык жактан да, уюштуруу иштеринен да үлгүрбөйт" – деди.

Аны улай Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы Тынчтыкбек Шайназаров үн катып, эгерде Жогорку Кеңеш өзүн-өзү таркатуу чечимин кабыл алса, Боршайком ушул жылы мөөнөтүнөн мурда парламенттик шайлоону өткөрүүгө даяр экенин кыйытты. Кийинки жылы мөөнөт өтө кысталыш болуп каларын белгилеп: "Жогорку Кеңештин депутаттарынын шайлоосу мыйзам, план боюнча 2026-жылдын ноябрь айында өтүшү керек. Ал эми конституциялык мыйзам менен 2027-жылдын январь айына Президенттик шайлоо коюлган. 2026-жылдын ноябрында Жогорку Кеңештин депутаттарынын шайлоосун өткөрсөк, БШК 20 күндө жыйынтык чыгарыш керек. Андан кийин шайлоого наразы болуп, сотко бергендер болот. Ошентип депутаттарды шайлоо компаниясы декабрь айына чейин узарып кетиши мүмкүн. 2027-жылдын январь айына Президенти шайлашыбыз керек. Парламенттик шайлоо бүтпөй жатып президенттик шайлоонун үгүт иши башталып кетет" – деди Тынчтыкбек Шайназаров.

Жогорудагы билдирүүлөрдөн кийин Жогорку Кеңеш чындап эле өзүн-өзү таратат окшойт деген ойлор бекемделгендей таасир жаралууда. Анткени, депутаттардын бир тобу макулдугун билдирсе, БШКнын төрагасы жана орун басарлары маалымат каражаттарынан шайлоо өткөрүүгө толугу менен даяр экенин айтууда. Албетте, Жогорку Кеңешти азыркы Конституциянын жол-жобосуна ылайык, эч ким тарата албайт. Бир гана өзүн-өзү тараткanga жол бар. Ал кантип ишке ишке ашышы мүмкүн?

Өзүн-өзү таркатуу жөнүндө сунушту депутаттардын үчтөн бири, тактап айтсак, азыркы чакырылышта 30 эл өкүлүнөн турган топ түзүлүп, алар өздөрүнүн аргументтерин келтирип, далилдерди тиркеп, демилге көтөрүшү керек. Ал жерде конкреттүү түрдө өзүн-өзү таратуу үчүн конкреттүү негиздер келтирилиши керек деген жол-жобо жок. Кадимки эле саясий аргументтер, туура эмес кабыл алынган мыйзамдар же элдин нааразычылыгы дегендей нерселер деле жетиштүү болот. Айтор, демилге көтөрүлөрү менен Жогорку Кеңештин төрагасы эки күндүн ичинде таанышып чыгуу үчүн бардык фракцияларга, депутаттык топторго, бир мандаттуу округдан шайланган эл өкүлдөрүнө жөнөтүп, маалыматты берет. Эл өкүлдөрү жети күндүн ичинде үтүр-чекитине чейин карап, таанышып чыгып, өздөрүнүн ой-пикирлери, алымча-кошумчалары жана сунуштары болсо тийиштүү комитетке жибериши керек. Комитет маселени кароонун датасын аныктоо үчүн өзүнүн чечимин Координациялык кеңешке жөнөтөт. Ошондон кийин Жогорку Кеңеш өзүн-өзү таркатуу жөнүндө маселени толук талкуулоо жол-жобосунун негизинде жүзөгө ашыра баштайт.

Мыйзам боюнча талкуу үч күндөн ашпашы керек, адегенде комитетте каралып, чечим кабыл алынгандан кийин Жогорку Кеңештин жалпы жыйынында талкууланып, өзүн-өзү таркатуу жөнүндөгү сунушка добуш берилет. Өзүн-өзү таркатуу жөнүндө чечим депутаттардын жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмес депутаттын добушу менен кабыл алынат. Мындайча айтканда, азыркы чакырылыштагы 61 депутаттын добушу жетиштүү болот. Эгерде жагдай-шарт азыркы нукта өнүгүп, өзүн-өзү таркатуу жөнүндөгү божомолдор чын чыгып, тийиштүү токтом кабыл алынып калса, парламенттин тагдыры чечилет. Жогорку Кеңеш таркаган күндөн тартып беш күн ичинде Президент мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындайт. Мөөнөтүнөн мурда шайлоо дайындалгандан кийин 45 күндөн кечиктирбестен өткөрүлүүгө тийиш болот. Ошондо, азыр болжолдонуп айтылып жаткандай, ноябрдын этегинде парламенттик шайлоо өткөрүлүп калышы ыктымал. Эске сала кете турган жагдай, учурдагы депутаттар дароо эшиктен кубаланып кетпейт. Өздөрүнүн ыйгарым укуктарын жаңы чакырылыштын биринчи жыйналышына чейин аткара берет.

Айта кетишибиз керек, эл ичинде дагы паламенттик шайлоонун быйыл өтүшүн колдогондор арбын. Анткени, кийинки жылдагы Президенттик жана парламенттик шайлоонун мөөнөтү өтө жакын болуп калганы көптөгөн түйшүктү жаратканы турат. Биринчиден, эки шайлоону удаа өткөрүү бюджетке оорчулук алып келет. Баарыбыз билгендей, бир шайлоо үчүн эле миллиондогон каражат сарпталат. Эки шайлоону удаа өткөрүүдө каражат жагы капчыгыбызды эңшерип койору чын. Экинчиси, техникалык жактан да жетишүү кыйын болот. 2026-жылдын аягындагы парламенттик шайлоонун бюллетендери кол менен саналып бүткөнгө чейин эле 2027-жылдын башында Президенттик шайлоо келип калат. Нааразы тараптардын соттук иштери болсо, ал андан бетер абалды оорлоштурат. Өлкөдөгү стабилдүүлүккө коркунуч жаралат. Парламенттик шайлоолордон кийин нааразы болгондор сөзсүз чыгат. Анткени, азыр бир округда үч мандат бар, талапкерлердин саны 30дан ашып кетиши ыктымал. Алардын арасынан жок дегенде эки-үчөөсү чыр салганга аракеттенет. Ошол жагдайларды эске алганда, шайлоонун быйыл өтүшү оң болот. Мамлекеттин тынчтыгы ар бирибиз үчүн зарыл.

Ачыгын айтып коюш керек, азыркы шайлоо мыйзамынын мурдагыларга салыштырмалуу бир топ изги жактары болууда. Биринчиси, бир эмес, көп мандаттуу деп белгиленип, бир аймактан үчтөн депутат шайланганы турат. Мында Жогорку Кеңештин эң негизги функциясы, эл өкүлчүлүгү деген норма так иштей баштайт. Себеби, мыйзам чыгаруу органы өкүлчүлүк кызматты аткарат. Партиялык системада бул функция аткарылбай, кээ бир аймактардан эл өкүлү такыр келбей калган учурларды көргөнбүз. Ал эми айрым аймактардан 20дан ашык депутат мандатка ээ болуп, бир өрөөндүн гана кызыкчылыгы сүрөөнгө алынганына күбө болгонбуз. Азыркы эрежеде ага жол берилбейт. Экинчиси, жаңы шайлоо мыйзамында аялдардын квотасы так сакталып, 30дан кем эмес аял келери аныкталды. Партиялык системада бир жыныстуулар 30%дан кем эмес дегени менен шайлоодон кийин тизмедегилерди ары-бери чайкаштырып, аялдар чекеге сүрүлүп калган. Эми андай болбойт.

Баса, партиялык системада тизменин алдыңкы ондугун сатып алып, мандаттар кадимкидей соодага айланган учурлар болгон. Шайлоодон өткөн партиялар өкмөттү кураган маалда министрлик кызматты саткан мезгилдерди баштан кечирдик. Албетте, партиялар азыр да катышса болот, бирок азыркы эреже боюнча мандаттарды сата албайт. Асыресе, добуштар сатылып келгени чындык, ага мындан ары ар бир жаран аң-сезим менен мамиле кылышы шарт. Ошондой ыплас жорукка барууну эңсеген талапкерлердин аракети азыр бийлик тарабынан дароо бөгөттөлүп, темир тор артына киргизилип жатат. Иш жүзүндө элдин добушун сатып алам дегендер кадимкидей тизгинделип калды. Мындан аркы шайлоолордо түп-тамырынан бери жоголот дегенге толук ишеним арта баштадык.

Белгилей кетчү дагы бир жагдай, аймактардан шайланып келген учурда уруучулукка бөлүнүп, жаатташып калган терс көрүнүштөр да арбын болгон. Мына ушул кабырганы кайыштырган нерсе кайрадан күчөбөйбү деген коркунучтар бар. Ага аргументтер келтирилип, мурда бир аймакта 30 миңдин тегерегинде шайлоочу болсо, азыр 140-150 миңдин тегерегинде болот. Мынча сандагы шайлоочу бир уруунун же топтун жетегинде калбайт деп жатышат. Ылайым, ошондой эле болсун деп туралы.



**Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын орун басары Абдыжапар БЕКМАТОВ:**

- Жогорку Кеңеште өзүн-өзү таркатуу боюнча сөздөр чыгып жатат. Парламенттин трибунасында дагы айтылып жатат. Негизи, Жогорку Кеңешти таратууга эч кимдин укугу жок. Парламент өзү гана чечим кабыл алышы керек. Менимче, Президенттик жана парламенттик шайлоо жакын болгону негиз катары айтылып жатат, бул туура. Мисалы, бюджетке оорчулук келет. Экинчиси, стабилдүүлүккө доо кетиши мүмкүн. Улам эле шайлоо өтүп жатса наразычылык көбөйөт. Баарыбыз билгендей шайлоодо он киши талапкер болсо анын бири өтөт, калганы жеңилгенин моюндабайт дегендей. Демек, тынчтык үчүн да шайлоолордун жакын болбогону максатка ылайыктуу болот.



**Жогорку Кеңештин депутаты Марлен МАМАТАЛИЕВ:**

- Эгерде демилгечи топ түзүлүп, өздөрүнүн доомattарын айтып, комитеттен жана парламенттин жыйынында колдоо тапса, биз тарайбыз. Президент беш күндүн ичинде жаңы шайлоону дайындайт. Мен дагы шайлоо эртерээк өтүшүнө макулмун. Жакынкы күндөрдө фракциянын жыйынында да карайбыз. Албетте, депутаттардын кеткиси жок. Бирок, мамлекеттин тынчтыгын ойлосоң, элдин патриоту болсоң, анда напсини тыйыш керек. Мандатты бул жакка коюп, чын жүрөктөн ойлонгондо, бул керектүү нерсе экенин түшүнөсүң. Акыл-эс менен кабыл алуу керек.

**Зулпукаар САПАНОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ОКУРМАНДАН

# Шакиевге рахмат...



Жакында Ноокат районундагы Карагой жайлоосунда болуп, андагы өзгөрүүлөрдү көргөнүмдө кубанычым койнума батпады. Себеби Карагой менин бала чагымдан ушул күнгө чейин жакшы көрүп, кооздугуна суктанып, сыймыктануу менен баалаган жерим. Жыл айланып айылга барган сайын Карагойго бир барып кайтпасам, көңүлүм жай алчу эмес. Акыркы жылдарда бул жерде туризм кулачын жайып келүүдө. Жаз келгенден тартып күзгө дейре машиналардын каттамы үзүлбөйт. Бирок, Кыргыз-Ата айылынан тартып Карагойго чейинки 25 чакырымдай чаңы асманга сапырылган өңгүл-дөңгүл жол гана алыс-жууктан келген коноктордун мазасын алып, бушаймanга салчу.

Бүгүнкү күндө Карагой жолу толук асфальтталган. Мен быйыл Карагойго дал ушул асфальтталган жол менен барып кубанычым койнума батпаганы да ошондон болду. Карагойлук бир киши "ушул жол асфальт болуп калат – деп үч уктасак түшүбүзгө кирчү эмес" дейт. Чынында Карагой жайлоосуна алып барган жолдун кыска мөөнөттө асфальтталып калышы, Ноокат элине айттырбай келген бакыттай эле болду көрүнөт. Экинчиден, алар ушул жолдун асфальталышына демилге көтөрүп, көзөмөлгө алган республикалык жетекчилерге да терең ыраазы болушууда.

Жакында кыргыз элине белгилүү ноокаттык обончу жана аткаруучу, Карагойдо төрөлүп чоңойгон Шарип Абдуллаев "Ырахмат, ырахмат" аттуу обонун жаратыптыр. Автордун берилүү менен аткарган бул обонун мен фейсбуктан угуп калдым. Обончу ушул жолдун курулушуна салымын кошкон Ажобуз Садыр Жапаровго, УКМК Төрагасы К.Ташиевге терең ыраазычылыгын чын дилинен билгизгиси келгендиктен, обон да угармандардын купулуна толгондой уккулуктуу, эмоционалдуу жаралыптыр. Бирок, обондун текстине байланыштуу эске ала турган бир жагдайды айта кетүү керек болуп калды. Себеби, баарыбызга белгилүү болгондой, былтыкы жылы парламенттик каникулдун башталышында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Нурланбек Тургунбек уулу депутаттарга кайрылып, "Президентибиз Садыр Нургожоевич парламенттик каникул убагында эл өкүлдөрү республикабызда туризмди өнүктүрүүгө боло турган жерлерди кыдырып көрүп, сунуштарын киргизишсин деген тапшырмасын берген болчу. Ошол тапшырманын негизинде мен да Ноокат районундагы Карагой деген жерине барып кайттым. Жаратылыштын мындай суктанарлык кооз жерин көрүү үчүн келген туристтердин агымы аз эмес экен. Болгону Карагойго баруучу 25 чакырым жолдун абалы ээнди кейитет. Бир жагынан жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөн келген туристтерге ыңгайсыз болот экенсиң. Ошондуктан бир айдын ичинде бул жолду асфальттоо тапшырмасын бердик. Бул жол асфальтталат. Жакында Камчыбек Кыдыршаевич да барып ал жакты көрөт" деди. Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Тургунбек уулунун мындай чечкиндүү билдирүүсүн угуп отуруп, аябай кубандым. Ошондон көп өтпөй айылдаштарымдан, "Карагой жолу оңдолуп баштадыбы?" деп сурасам, "Башталмак турсун анын 10 чакырымдайы асфальталып калды" - дешти. Мына, жасаса болот турбайбы – дедим ичимден.

Мен муну менен Карагой жолун асфальттоонун алгачкы демилгечиси жана ушул жолду асфальттоого тапшырма берген жетекчи КР ЖКнын спикери Нурланбек Тургунбек уулу болгонун айтып жатам. Демек, мен жогоруда айтып өткөн Шарип Абдуллаевдин обонунун текстиндеги "Ажого рахмат, Ташиевге рахмат" деген ыр саптарына "Шакиевге да рахмат" деген ыр саптарын кошуп койсо бир чети адилеттүү болмок жана обондун мазмуну артмак.

**Абдимухтар АБИЛОВ**

КҮНДҮН ТЕМАСЫ

КР Социалдык фондунун Төрагасы **Бактияр АЛИЕВ:**




# "ЖАРАНДАРЫБЫЗ ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ БОЛУП, КАРЫЛЫГЫН КАМСЫЗДАП АЛГАНЫ ЖАКШЫ"

**– 1-октябрдан тарта пенсия дагы жогорулай турганы айтылды. Бактияр Жеңишбекович, учурда пенсиялык саясат кандай жүрүп жатат? Төлөм көтөрүлсө канча пайызга жогорулайт?**

– 1-октябрдан тарта пенсиянын камсыздандыруу бөлүктөрү 10%га, эң ылдыйкы бөлүгү 600 сомго жана камсыздандыруу бөлүктөрү 50000 сомдон ашкан пенсиялардын өлчөмдөрү 5000 сомго жогорулатылууда. Мурда минималдык босого 100, 200 сом деп белгиленген учурлар болгон. Азыр ал сумма 600 сом деп белгиленди. 600 сом өлчөмүндө минималдык босогонун коюлушу аз камсыз болгон жарандардын кызыкчылыктарын коргоо үчүн жасалууда. Жыйынтыгында 2025-жылдын 1-октябрынан тарта жаңы чектелген толук пенсиялардын жалпы өлчөмү 7100 сомдон кем эмес болмокчу. Ал эми пенсияларды индексациялоонун жыйынтыгы боюнча жалпы пенсиянын орточо өлчөмү 11 226 сомду түзөт.

**– Мисалы мурда 10 миң сом алып жүргөндөрдүн пенсиясы канча сомго жогорулайт?**

– 10 миң сом алган жарандын 3170 сому базалык бөлүгү болуп эсептелет. Калган бөлүгү камсыздандыруу бөлүгү болуп саналат. Ушул бөлүк 10%га жогорулайт. Ошондо ал жаран 10680 сом пенсия ала баштайт.

**– Азыр өлкө боюнча канча пенсионер бар?**

– Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун алдын ала эсептөөлөрү боюнча 2025-жылдын 1-октябрына карата пенсионерлердин саны 818,7 миң адамды түзөт. Алардын эң көбү Ош, Жалал-Абад облустарында, ал эми эң азы Талас облусунда жашашат.

**– Пенсия көтөрүлөт дегенди биз жалпылап айтканыбыз менен ар бир адамдын пенсиясы өзүнчө каралып, эсептелет эмеспи. Анткени пенсия ошол жаран пенсия курагына келгенче иштегендигине, камсыздандыруу төлөмдөрүн төгүп турганына жараша чектелет да туурабы?**

– Ооба, азыр бюджетте иштеген жана салыктарын өз убагында төлөп, көмүскөдөн чыккан жеке секторлордо иштеген жарандарыбыздын камсыздандыруу төлөмдөрү автоматтык түрдө жүргүзүлүп турат. Ал эми мисалы базарда иштеген жарандар өздөрү жоопкерчиликтүү болуп, убагында төлөм жүргүзүп турушса жакшы болмок. Анткени ким көп иштеп, камсыздандыруу төлөмүн көп төлөсө, кийин көп пенсия ала алат.

**– Тигүүчүлөр, дыйкан-фермерлерчи? Алардын пенсия алуу тартиптери бекитилип жатабы? Алар камсыздандыруу төлөмдөрүн кантип жүргүзүп жатышат?**

– Социалдык фонд менен Кыргыз тигүүчүлөр ассоциациясы ортодо келишимге келип, тигүүчүлөрдү көмүскөдөн чыгаруу маселеси 10 жыл мурда көтөрүлгөн. Тигүүчүлөр Социалдык фондго камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөшүп турмай болушкан. Биз пайызын ылдыйлатып да бергенбиз. Бирок, ассоциация өзүнө жүктөлгөн ишти аткарган жок. Ушул күндөрдө да тигүүчүлөрдүн басымдуу бөлүгү Соцфондго төлөм жүргүзүшпөйт. Соцфонд бул социалдык коргоо уюму эмес. Дыйкан-фермерлер боюнча да маселе ушундай эле. Алар канча көп төлөм жүргүзсө, кийинчерээк пенсияга чыкканда карылыгы ошончолук камсыздандырылган болот. Кимде-ким пенсияга чыккандан кийин анын өлчөмү көп болсун десе, ал Салык кызматына кайрылып, ай сайын төлөм жүргүзүп турушу керек. Салык кызматында чектелген тарифтер бар.

**– Аларды милдеттендирүү боюнча иштер жүргүзүлүп жатабы?**

– Милдеттендирүү боюнча иш-аракеттер бар.

**– Камсыздандыруу төлөмдөрүн жүргүзүп, бирок пенсия жашына жетпей каза болгон жарандардын пенсиялары кандай чегерилет?**

– Камсыздандыруу төлөмдөрүн төгүп, бирок пенсия курагына жетпей каза болгон жарандардын балдарына пенсия чектелет. Балдарга пенсиялар алардын багуусунда болгон же болбогондугуна карабастан 18 жашка толо элек балдарга, бардык деңгээлдеги билим берүү уюмдарында окуган учурда – окуусун бүткөнгө чейин, бирок 23 жаштан ашпаган куракта. Майып болуп эсептелген балдарга жаш курагына карабастан дайындалат. Эгерде балдар ата-энесинин бирөөсүнөн ажыраса, ар бирине базалык бөлүк **3 000 сом** өлчөмүндө чектелет. Эгер ата-эне экөө тең каза болуп калса, анда ар бир балага базалык бөлүк **6 000 сом** өлчөмүндө дайындалат. Кошумча камсыздандыруу бөлүгүнүн суммасынан: бир бала болсо – 50%, эки адам болсо – 90%, үч адам болсо – 120%, төрт жана андан ашык болсо – 150% өлчөмүндө эсептелет.

**– Жубайы каза болгон учурда жолдошу анын пенсиясын алган учурлар бар экен.**

– Эгер жубайы каза болуп, жолдошунун пенсиясы жубайыныкынан аз өлчөмдө болсо, ал каза болгон жубайынын пенсиясын ала алат. Бирок, 50%ын гана.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

16-СЕНТЯБРЬ – ОЗОН КАТМАРЫН КОРГОО КҮНҮ



Айгүл ЫРСАЛИЕВА, инженер-эколог:

# “ОЗОН КАТМАРЫН КОРГОО МЕНЕН АДАМЗАТТЫН КЕЛЕЧЕГИН САКТАЙБЫЗ”

***Ар жылы 16-сентябрь күнү дүйнө жүзү боюнча Озон катмарын коргоо күнү белгиленет. Бул күндүн максаты — адамдарга озон катмарынын мааниси жана аны коргоонун зарылдыгы жөнүндө маалымдоо. Озон катмары Жерди Күндүн зыяндуу ультрафиолет нурларынан коргогон жаратылыштын калканы. Эгерде бул катмар бузулса, анын кесепети адамзаттын ден соолугуна, жаныбарлар дүйнөсүнө жана жалпы экологияга чоң коркунуч туудурат. Инженер-эколог, айлана-чөйрөнү коргоонун мыкты кызматкери Айгүл Ырсалиева менен озон катмарына байланышкан темада маек курдук.***

**– Айгүл айым, эколог катары озон катмары тууралуу кыскача айтып бериңиз.**

– Алтын күздүн берекесин арттырып, бул күнү табият коргоо тармагында чоң майрам. Тоолуу өлкөбүз жеңил эмес шартта жашап жатса да, бул тармак боюнча салмактуу жана көңүл кубанткан ийгиликтерибиз арбын экени сыймыктандырат.

Эл аралык келишимдердин, макулдашуулардын негизинде Жер бетинде озон катмарын сактоо, адамзаттын бакубат жашоосу үчүн бардык шарттарды түзүү, глобалдык климаттын өзгөрүшүн кыскартуу жаратылыштык жана экономикалык туруктуу өнүгүүгө алып келет.

Озон катмары – бул Жердин атмосферасындагы озон ($O_3$) молекулаларынан турган катмар. Анын мааниси абдан чоң. Ал Күн нурунан чыккан ультракызгылт-көк (ультрафиолет же УФ) нурлардын көбүн өзүнө сиңирип, Жерге жетүүсүнө тоскоол болот. УФ нурлары тирүү организмдерге зыяндуу: тери рагын жаратышы мүмкүн, иммунитетти алсыратат, өсүмдүктөргө жана жаныбарларга терс таасирин тийгизет. Демек, озон катмары Жердеги жашоону коргогон табигый калкан болуп эсептелет. Эгер озон катмары бузулса, Жер бетине зыяндуу ультракызгылт көк нурлар көбүрөөк жетет, бул адамдардын, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн ден соолугуна чоң коркунуч жаратышы мүмкүн.

**– Озон катмары эмнеден жабыркайт?**

– Озон катмарына негизинен адамдардын иш-аракетинен чыккан химиялык заттар зыянын тийгизет. Айрыкча, айлана-чөйрөгө зыяндуу өндүрүштөрдүн калдыктары, пластиктерди өндүрүү жана өрттөө, автоунаалардын түтүнү түздөн-түз озонду буза албаса да, климаттын өзгөрүшүнө жана абанын булганышына алып келет.

**– Экологиялык таза жашоо озон катмарын сактайбы?**

– Көмүр, мунай сыяктуу казылып алынган отундардын ордуна Күн, шамал, суу энергиясын колдонуу атмосферадагы булганууну азайтып, климат өзгөрүүсүнүн таасирин төмөндөтөт. Бул озон катмарынын калыбына келишине көмөкчү болот. Автоунаанын ордуна жөө же велосипед менен жүрүүнү көбөйтсөк, биринчиден адамдардын ден соолугуна жакшы болмок, экинчиден автоунаалардын чыгарган газдары (айрыкча азот оксиддери) атмосферанын булгануусун азайтмак. Жөө жүрүү же коомдук транспортту колдонуу тобокелдикти төмөндөтөт.

Мындан сырткары, кайра иштетүү жайларын куруп, калдыктарды азайтуу керек. Пластик жана башка калдыктарды өрттөө — атмосферага зыяндуу газдарды бөлүп чыгарат. Бул газдар озонго терс таасирин тийгизет. Ал үчүн кайра иштетүү жана компост сыяктуу ыкмаларды колдонсок буга жол берилмек эмес.

Ошондой эле энергияны үнөмдөө зарыл. Себеби, электр энергиясын ашыкча сарптоо да зыян. Демек, энергияны үнөмдөө менен зыяндуу заттардын атмосферага чыгышы азайып, озонду сактоого жардам берет.

**– Анда экологиялык таза жашоонун мааниси абдан чоң экен да?**

– Озон катмарын сактоо үчүн ар бир адамдын салымы маанилүү. Экологиялык таза жашоо образы –бул табиятка зыян келтирбеген, тескерисинче, аны сактаган жашоо ыкмасы. Бул жашоо образында төмөнкү принциптер кармалып, озон катмарын сактоого жардам берет. Экологиялык таза технологияларды колдонуу мисалы, энергияны үнөмдөгөн жабдуулар, күн панелдери, кайра иштетиле турган материалдар.

Экологиялык таза жашоо жана озон катмарын коргоо бири-бири менен түз байланышта. Бул жашоо образы аркылуу биз атмосфераны таза сактап, озон катмарын бузган химиялык заттардын бөлүнүшүн азайтабыз.

**– Озон катмарына эмне коркунуч жаратат?**

– Озон катмары негизинен адам ишмердүүлүгүнөн жабыркайт. Айрыкча, мурда кеңири колдонулган хлорфторуглероддор (ХФУ, же CFCs) жана башка химиялык заттар озонду бузат. Бул заттар эски муздаткычтарда, аэрозолдук баллондордо, кондиционерлерде жана өнөр жайда колдонулуп келген. Алар абага чыгып, стратосферага жеткенде озон молекулаларын бузуп жок кылат.

Ошондой эле автоунаалардын түтүнү, ири өндүрүш ишканаларынын калдыктары атмосферанын булганышына, климаттын өзгөрүшүнө жана озон катмарынын начарлашына себеп болот.

**– Жаз, жай мезгили менен абал оорлошобу?**

– Илим изилдөө институтунун кызматкерлеринин маалыматына караганда Ысык-Көл аймагында жайгашкан атмосферага мониторинг жүргүзүлгөндө, Борбордук Азия аймагынын үстүндө баймабай локалдуу озон жыртыгы пайда болуп турат. Белгилей кетсем, ал иштерден мен өзүм илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүмө чоң тажрыйба алдым. Күндүн ультракызгылт (УК) радиациясы эң оболу географиялык кеңдиктен көз каранды болуп, Кыргызстандын аймагында Күндүн нурлары өрөөндөргө, тоо этегиндеги, тоо арасындагы жана бийик тоолуу аймактарга бөлүнүп, бийиктик алкактуулук боюнча таралат. Алар жаз менен жай мезгилинде күндүн ультракызгылт нурлары белгиленген нормадан ашык болоорун аныкташкан. Эң коркунучтуу мезгил болуп июнь, июль айлары жана сутканын саат 11ден 15ке чейинки мезгили табылган. Ультракызгылт нурунун зыяндуулугу – ал организмге байкалбастан туруп таасирин тийгизет да, анын жаман кесепети көп жылдардан кийин сезиле баштайт. Мисалы, адамдын башы, көзү ооруйт, жөтөлөт, дем алуу органдары жабыркайт. Мындай коркунучка айрыкча Күн ачык тийген жерлерде ойноп жүргөн жаш балдар, курулушчулар, соодагерлер, талаада иштеген дыйкандар, малчылар кабылышат.

**– Бул боюнча түшүндүрүү иш-чаралары өтүп турабы?**

– Туруктуу өнүгүүнүн максаттарына таянып, жаратылышка аяр мамиле кылуубуз керек. Туруктуу өнүгүүнүн максаттарынын негизин – жалпы планетанын экосистемасын сактоо жана бүгүнкү күндө климаттын өзгөрүшү жана ага каршы дүйнөлүк, эл аралык жана мамлекеттик иш-чаралардын тынымсыз болуусу, ошондой эле макулдашууларды, максаттарды ишке ашыруу эсептелет.

Бүгүн эл арасында мамлекеттик деңгээлде кеңири масштабдагы түшүндүрүү иштерин жайылтуу керек. Ушул максатты көздөп, бардык аймактардагы бала бакчаларда, орто мектептерде, лицейлерде, колледждерде, жогорку окуу жайларында бул боюнча агартуу иштери жүргүзүлүүдө. Атайын адистердин, экологдордун, өндүрүшчүлөрдүн, окумуштуулардын катышуусу менен акциялар, тегерек столдор, симпозиумдар, эл аралык жана республикалык масштабда илимий-практикалык конференциялар өтүп турат.

Озон катмарын коргоо – бул жөн гана табиятты коргоо эмес, адамдын өзүн, балдардын, келечек муундардын ден соолугун жана өмүрүн коргоо. Ар бир адам экологиялык жоопкерчиликти өз мойнуна алса, табият менен гармонияда жашаса, Жер планетасы дагы узак жана коопсуз жашоого мүмкүнчүлүк алат. Демек, озонду коргоо – өмүрдү коргоо экендигин терең баамдап, табияттын ыйык аманатын бирге сактайлы.

**Бактыгүл КУЛАТАЕВА**

МЕДИЦИНА

## ЖАҢЫ ПЕРИНАТАЛДЫК БОРБОР КУРУЛАТ



Бул долбоор боюнча Саламаттык сактоо министрлиги «Чайна Роуд» курулуш компаниясы менен Ош шаарындагы Облустар аралык бириктирилген клиникалык оорукананын аймагында Перинаталдык борбор куруу боюнча келишимге кол коюшту. Курулуштун болжолдуу мөөнөтү — 2,5 жылды түзөт. Саламаттык сактоо министринин биринчи орун басары Манас Токтомуратов: «Биз подряддык уюмдан бардык техникалык талаптарды жана сапат стандарттарын так сактоону күтөбүз. Куруу иштери жогорку деңгээлде аткарылып, объект белгиленген мөөнөттө пайдаланууга берилүүгө тийиш. Министрлик курулуштун жүрүшүн тыкыр көзөмөлдөйт» деди.



## РЕАБИЛИТАЦИЯЛЫК ЖАБДУУЛАР ТАПШЫРЫЛДЫ

Бишкектеги Улуттук эне жана баланы коргоо борборуна Кореянын Өкмөтүнүн жана Корея эл аралык кызматташтык агенттигинин (KOICA) көмөгү менен неврологиялык жана ортопедиялык оорулардан кийинки бейтаптарда кыймыл-аракетти калыбына келтирүүгө жардам берүүчү жогорку технологиялык робот-тренажёр жабдуулар тапшырылды. Бул жабдуулардын наркы 150 миң долларды түзөт. Бул жардамдар үчүн Саламаттык сактоо министрлиги Корея Өкмөтүнө, KOICAга жана H Roboticsке Кыргызстандагы медициналык реабилитацияны өнүктүрүүгө болгон колдоосу үчүн ыраазычылык билдирди.



## ЯДРОЛУК МЕДИЦИНА БОРБОРУ ТҮЗҮЛӨТ

КР Министрлер Кабинети Улуттук Онкология жана гематология борборунун базасында Ядролук Медицина борборун түзүү чечимин кабыл алды. Бул тууралуу Саламаттык сактоо министри Эркин Чечейбаев Бишкекте Улуттук борбордун 65 жылдыгына арналган эл аралык конференцияда билдирди. Министр долбоордун стратегиялык маанисин белгилеп, ал өлкөдөгү онкологиялык кызматтын өнүгүшүндө маанилүү кадам болоорун айтты. Аталган борбор түзүлсө, радиофармацевтикалык жабдыктар менен жабдылып, онкологиялык дарттарды дарылоону жакшыртат.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 17-МАРТЫНДАГЫ №91 "МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨ САНАРИПТИК ТРАНСФОРМАЦИЯЛООНУ АНДАН АРЫ ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ" ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Мамлекеттик башкарууну санариптик трансформациялоону өркүндөтүү үчүн шарттарды түзүү, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын маалыматтык системаларын иштеп чыгуу, модернизациялоо жана андан ары коштоо боюнча кызматтарды көрсөтүү чөйрөсүндө атаандаштыкты камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 17-мартындагы №91 "Мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө санариптик трансформациялоону андан ары өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) уставдык капиталында мамлекеттин 100 пайыз катышуусу менен "Түндүк" ачык акционердик коомун (мындан ары – "Түндүк" ААК) түзсүн;

2) "Түндүк" ААКка төмөнкү уюмдардын милдеттерин жана функцияларын аткарууну жүктөсүн:

– Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу "Түндүк" мамлекеттик мекемесинин;

– Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу "Санарип билим берүү борбору" мамлекеттик мекемесинин;

– Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу "Социалдык коргоону санариптештирүү борбору" мамлекеттик мекемесинин;

– медициналык статистикалык отчеттуулукту жүргүзүү жана саламаттык сактоонун маалыматтык системаларын киргизүү боюнча функцияларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу "Электрондук саламаттык сактоо борбору" мекемесинин;

– Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин алдындагы "Адилет сот" маалыматтык технология боюнча мекемесинин;

3) медициналык статистикалык отчеттуулукту жүргүзүү жана саламаттык сактоонун маалыматтык системаларын киргизүү боюнча функцияларды тиешелүү штаттык саны, финансылык жана материалдык-техникалык каражаттары менен Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине жүктөсүн;

4) ушул пункттун 2-пунктчасында көрсөтүлгөн уюмдардын материалдык-техникалык базасын "Түндүк" ААКка белгиленген тартипте өткөрүп берсин;

5) ушул пункттун 2-пунктчасында көрсөтүлгөн уюмдардын кызматкерлерин "Түндүк" ААКка ишке орноштуруу боюнча чараларды көрсүн;

6) белгиленген тартипте төмөнкү уюмдарды жойсун:

– Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу "Түндүк" мамлекеттик мекемесин;

– Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу "Санарип билим берүү борбору" мамлекеттик мекемесин;

– Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу "Социалдык коргоону санариптештирүү борбору" мамлекеттик мекемесин;

– Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу "Электрондук саламаттык сактоо борбору" мекемесин;

7) "Түндүк" ААК жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Кызмат" мамлекеттик мекемеси төмөнкү органдарды жана алардын ведомстволук бөлүмдөрүн кошпогондо, мамлекеттик органдардын (анын ичинде сот органдарынын), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик жана муниципалдык ишканалардын, мекемелердин, фонддордун (республикалык, жергиликтүү бюджеттердин, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин каражаттарынын эсебинен ишке ашырылуучу) маалыматтык системаларын иштеп чыгуу, модернизациялоо жана андан ары техникалык коштоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жалгыз берүүчүлөр болуп саналат деп аныктасын:

– Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигин, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетин, Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматын;

– Куралдуу Күчтөрдү, укук коргоо органдарын, прокуратура органдарын, ошондой эле маалыматтык ведомстволук системалары Кылмыштардын бирдиктүү реестринин маалыматтарынын, кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарынын негизинде иштеген органдарды;

– Бишкек шаарынын мэриясын;

8) "Түндүк" ААКта акционер катары чыгуу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ыйгарым укуктарын ишке ашыруу боюнча функцияларды Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигине өткөрүп берсин;

9) биометрикалык маалыматтар жаатында саясатты иштеп чыгуу жана биометрикалык маалыматтарды иштеп чыгууну контролдоо боюнча функцияларды Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттикке жүктөсүн;

10) Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Кызмат" мамлекеттик мекемесин жекелештирилген, идентификациялоочу жана мамлекеттик маанидеги башка документтер бөлүгүндө биометрикалык маалыматтарды иштеп чыгуу боюнча мамлекеттик маалыматтык системалардын техникалык оператору деп аныктасын;

11) ушул Жарлыктан келип чыгуучу зарыл уюштуруу, финансылык жана башка чараларды көрсүн.".

**2.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 12-сентябры, №258***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 3-МАРТЫНДАГЫ №115 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ЧЕНЕМ ЖАРАТУУ ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРГА ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН АТКАРУУ ОРГАНДАРЫНА ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесинин 4-бөлүгүн, 37-беренесинин 2-бөлүгүн, 75-беренесинин 2-бөлүгүн ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарынын тизмесинде:

– 11-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 15–17-пунктчалар менен толукталсын:

"15) Кыргыз Республикасында саламаттык сактоо уюмдарын классификациялоо жөнүндө жобону;

16) санаториялык-курорттук дарылоо үчүн көрсөтмөлөрдү жана каршы көрсөтмөлөрдү, ошондой эле жарандарды санаториялык-курорттук дарылоого тандап алуу жана жиберүү тартибин;

17) сейрек оорулардын катарына киргизүү критерийлерин жана тартибин, ошондой эле сейрек ооруларга чалдыккан жарандарды медициналык-санитардык жардам, анын ичинде дары менен камсыз кылуу тартибин.".

**2.** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги эки айлык мөөнөттө ушул токтомдон келип чыгуучу тиешелүү чараларды көрсүн.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 11-сентябры, №577***

## 2025-ЖЫЛДЫН 21-АПРЕЛИНДЕ МАНАМА ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН АБА КАТТАМЫ ЖӨНҮНДӨ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ЖАНА БАХРЕЙН КОРОЛДУГУНУН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ МАКУЛДАШУУНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында, "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2025-жылдын 21-апрелинде Манама шаарында кол коюлган Аба каттамы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Бахрейн Королдугунун Өкмөтүнүн ортосундагы макулдашуу бекитилсин.

**2**. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттиги жогоруда аталган Макулдашууну ишке ашыруу үчүн жоопттуу ыйгарым укуктуу орган болуп аныкталсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги бахрейн тарапка аталган Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө кабарласын.

**4**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 12-сентябры, №581***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 12-ИЮЛУНДАГЫ №375 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК МҮЛКТҮ БАШКАРУУ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИКТИН ВЕДОМСТВОЛУК ИШКАНАЛАРЫНЫН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин алдындагы "Объекттерди башкаруу боюнча дирекция" мамлекеттик ишканасынын ишин өркүндөтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июлундагы №375 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин ведомстволук ишканаларынын айрым маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин алдындагы "Объекттерди башкаруу боюнча дирекция" мамлекеттик ишканасынын уставында:

– 11-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"11. Ишкананын төмөнкү филиалдары бар:

– "Жалал-Абад", дареги: Жалал-Абад облусу, Жалал-Абад шаары, Пахта көчөсү, 219;

– "Ош", дареги: Ош облусу, Ош шаары, Алымбек Датка көчөсү, 221;

– "Ысык-Көл", дареги: Ысык-Көл облусу, Ысык-Көл району, Бостери айылы.";

– 15-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"15. Ишкананын ишинин максаты болуп соттордун чечимдерине жана/же жарандык-укуктук мүнөздөгү башка макулдашууларга ылайык мамлекеттик менчикке өткөн конфискацияланган объекттердин жана мүлктүн, ошондой эле башка мамлекеттик мүлктүн базасында мамлекеттик бюджетти толтуруу үчүн пайда алуу саналат.";

– 21-пунктта:

сегизинчи, тогузунчу абзацтарда "орун басарларынын", он үчүнчү абзацта "орун басарларын" деген сөздөр тиешелүү түрдө "орун басарынын", "орун басарын" деген сөздөргө алмаштырылсын;

он бешинчи абзацта "орун басарлары" деген сөздөр "орун басары" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 22-пункттун бешинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– Ишкананын финансы-чарбалык ишинин натыйжалуулугун талдоонун негизинде Ишкананын директорунун орун басарын кызмат ордунан бошотууга, ага карата сыйлоо же тартиптик жоопкерчилик чараларын көрүүгө;";

– 32-пункттун он экинчи абзацында "орун басарлардын" деген сөздөр "Ишкананын директорунун жана орун басарынын" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 34-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"34. Ишканада Ишкананын директорунун орун басары кызмат орду каралган.

Ишкананын директорунун орун басары Ишкананын директорунун сунушу боюнча Мамкүлктүн жетекчиси тарабынан кызмат ордуна дайындалат жана кызмат ордунан бошотулат.

Ишкананын директорунун орун басары Мамкүлктүн жетекчиси менен эмгек келишимин түзөт.

Ишкананын директорунун орун басары түздөн-түз директорго баш иет жана ага жүктөлгөн милдеттердин жана ыйгарым укуктардын чегинде Ишкананын ишин уюштурат.";

– расмий тилдеги тексттин 35-пунктунун экинчи абзацында "одного из заместителей" деген сөздөр "заместителя" деген сөзгө алмаштырылсын;

– 36-пункт күчүн жоготту деп таанылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 13-сентябры, №582***

ДҮЙНӨ КҮН

# ФРАНЦИЯ: МАКРОН МЕНЕН ДЕ ГОЛЛЬ



Франция бүгүн саясий туруксуздук менен экономикалык кризистин тайгак ашуу, тар кечүүсүнө кептелип, опурталдуу абалда турат. Президент Эммануэль Макрон мамлекетти башкарууда татаал жагдайга тушугуп, парламенттеги тең салмактуулуктун жоктугу, францыялыктардын наразычылыгы анын өкмөтүнө чоң коoптонуу жаратууда. Жакында эле премьер-министр Франсуа Байру парламенттен ишеним добушун ала албай кызматтан кеткени дүйнөлүк коомчулукка маалым. Ф.Байру сунуш кылган бюджеттик кыскартуулар менен реформалар франциялыктар менен депутаттардын олуттуу каршылыгына кабылган. Анын ордуна Э.Макрондун жакын тарапташы Себастьян Лекорну дайындалганы маалым болгон. Андан көп өтпөй парламенттеги бирикпеген күчтөр жаңы өкмөттүн ишине да тоскоолдук жаратып жатканы айтылууда.

Европа Биримдигинин Маастрихт келишимине ылайык, бюджеттик тартыштык ИДПнын 3%ынан ашпоого тийиш болчу. Расмий маалыматтарга таянсак, Франциянын 2024-жылдагы бюджеттик тартыштыгы ИДПнын 5,8%ына жеткен – бул 3%дык белгиленген чектен 2,8%га ашып кеткенин тастыктап турат. Карыздын басымынан улам “Fitch” агенттиги өлкөнүн кредит рейтингин түшүрүп, “АА-”тан “А+”ка которгон. Мындай өзгөрүү Франция үчүн эл аралык рыноктон карыз алуу шарттары кымбаттай турганын түшүндүрөт. Өкмөттүн жаңы сунушталган бюджетине каршы Францияда “Bloquons tout” – «Баарын токтотолу» кыймылы пайда болуп, массалык наразылык акциялар башталган. Элдик жүрүштөрдө жана митингдерде айрым радикалдык көрүнүштөр да катталганын байкоого болот. Элдин көбү, айрыкча жаштар жана социалдык жактан алсыз катмарлар – билим берүү, саламаттык сактоо жана мамлекеттик кызматтардын кыскартылышына каршы чыгышкан.

Наразылык акциясына чыккан эл жаңы премьер-министр Себастьян Лекорнунун алдында үч негизги тапшырма турат, – деп эсептешет. Алар:

Бюджеттик тартыштыкты азайтуу, бюджеттик чыгымдарды оптималдаштыруу менен бирге коомдук кызматтардын сапатын сактоо.

Парламент менен диалог түзүү, анткени келишпес парламенттик пикирдин шартында ар бир мыйзамды кабыл алуу үчүн парламентарийлер менен сүйлөшүүлөр талап кылынаары айкын.

Коомдук ишенимди калыбына келтирүү, элдин наразылыгын жөн гана мамлекеттик укук коргоо органдарынын күчү менен эмес, саясий чечимдерди ишке ашыруу аркылуу басуу. Анткени Франция бүгүн чоң сыноонун алдында турат. Бир жагынан – саясий туруксуздук жана экономикалык кризис, экинчи жагынан – реформалар аркылуу туруктуулукка жетүү мүмкүнчүлүгү. Алдыдагы айлар Франция мамлекетинин келечегин, ошондой эле 2027-жылы боло турган президенттик шайлоого чейинки саясий багытын аныктап берери талашсыз.

Мен ушул жерден Эммануэль Макрон менен Шарль де Голлдун ортосундагы айырмачылыктар менен окшоштуктарды салыштырып өткүм келди. Франциянын саясий тарыхында Шарль де Голль – Эл аралык саясатта да, ички саясатта да Францияны капитуляциядан сактап, лидер катары кайра калыптандырган, мамлекетти жана элдин биримдигин символдоштурган инсан. Ал эми Эммануэль Макрон учурда Франциянын президенти катары жаңы заман шартында өлкөнү башкаруунун инновациялык жолдорун карап, Шарль де Голлдун мурасын бөлөкчөыкма менен кайра интерпретациялап келе жаткан лидер. Бирок алардын ортосунда маанилүү айырмачылыктар да байкалат.

## ЭКӨӨНҮН ОКШОШТУКТАРЫНА ТОКТОЛСОК:

Шарль де Голль Франциянын тышкы саясатында, аскердик жана дипломатиялык жактан өз алдынча, көз карандысыз болууну камсыз кылган. Ал НАТОнун ички түзүмүнө толук кирбестен, Франциянын өзүнчө коргонуу күчүн жана ядролук арсеналын өнүктүргөн. Эммануэль Макрон да ушундай эле линияны бир кыйла түрдө улантkансып, Европада Франциянын лидерлигин жана Европа Биримдигинин коргонуу маселелеринде Европа өлкөлөрүнүн өз ара көз карандысыздыгын күчөтүүнү, АКШ баштаган дүйнөлүк чоң державалардын таасиринен бошотулган, эркин саясий позицияларды кармануну сунуштап, колдоп келет. Эммануэль Макрон көп учурларда Шарль де Голлдун идеалдарын жана символдорун колдонуп, зарыл болгон мезгилдерде биримдик жана улуттук рухту эстете турган сөздөр, иш-аракеттер менен элге ачык чыгат. Шарль Де Голль бийлик жүргүзүүнүн структурасын өзгөртүп, президенттин ролун күчтөндүрүү менен Франциянын туруктуулугун камсыздоону көздөгөн. Эммануэль Макрон да президент катары чоң жоопкерчиликти өзүнө алып, чечимдерди кабыл алууда негизги роль ойногону, өтө көп альянс же консенсуска эмес, өзүнүн саясий программаларына багыт берген аракеттери менен айырмаланарын дүйнө коомчулугуна иш жүзүндө көрсөтүп келет.

## АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРЫН КАРАП КӨРСӨК:

Шарль Де Голлдун доору — экинчи дүйнөлүк согуш, андан кийинки жаңылануу, колониялдык империаларды жоюу жана идеологиялык күрөштөрдүн бийик деңгээли. Ал тургай чоң державалар ортосундагы тең салмактуулукка жетүүнүн жолун тапкан. Эммануэль Макрон болсо глобализация, экономикалык интеграциялар, климаттык кризис жана жаңы коопсуздук коркунучтары куюлган дүйнөгө киргенде сактык менен саясат жүргүзүүгө мажбур болгонун байкоого болот. Мыйзам чыгаруу, эл аралык кызматташуу, миграция сыяктуу маселелерде Шарль де Голлдо кездешпеген жаңы көз караштар да Эммануэль Макрондон байкалат.

Шарль де Голль негизинен борбордоштурулган, монументалдуу, улуттук идеалдарга, улуттук өнүгүүгө басым жасоо менен саясат жүргүзгөн. Ал парламент менен өкмөттү же саясий партияларды айрым учурларда тобокелге салган чечимдерди кабыл алган. Эммануэль Макрон болсо, бир жагынан либералдык реформаларды, экономикалык өнүгүүнү, Европа Биримдигиндеги интеграцияны колдосо, ошол эле учурда ички саясий каршылыктарга, социалдык теңсиздиктерге жана элдин муктаждыктарына жооп берүүгө көбүрөөк басым жасаганы байкалат. Шарль де Голль коомдун ар түрдүү катмарларына, анын ичинде элге түздөн-түз апелляция жасап, символикалык мааниси күчтүү сөздөр менен элдин эмоционалдык колдоосун тапкан. Ал мамлекеттин ичиндеги ынтымакты бекем орнотуп, бийлик органдарынын аброюн абдан мыкты көтөргөн. Эммануэль Макрон болсо жаңы технологияларды, коомдук медиа жана глобалдык диалогду ырааттуу колдонору талашсыз. Бирок ал кээ бир учурларда элдин талабына ылайык келбеген, «эстетикалык бийликке» (belle image, символика, сүрөттөр, президенттик стилистика) басым жасайт – деген сынга да кабылып келет.

Шарль Де Голлдун риторикасы – кыска, курч, улуттук рухту козгогон эркин сөздөр болсо, Эммануэль Макрондун сөз өнөрүндө кээде абстракттуулук, тажатма узун сүйлөмдөр, эл аралык темаларга көбүрөөк кайрылуу жана либералдык чөйрөдөгү түшүндүрмөлөрдүн көбөйүшүн байкоого болот. Кээ бир серепчилер Эммануэль Макрондун риторикасын элге жеткиликтүү эмес деген пикирин да айтып жүрөт. Эммануэль Макрон Шарль де Голлдун Франциянын улуттук суверендүүлүгүн бекемдөөдө жана президенттин башкаруучулук ролун сактоо мурасын айрыкча өкмөттүн тышкы саясатында бир канча жолдор менен улантып келет. Бирок, ал ошондой эле жаңы доордун талаптарына ылайык саясий реализм, глобалдык өнүгүүлөр, технологиялык өзгөрүүлөр жана коомдук өзгөрүүгө байланыштуу тынымсыз талаптарды эске алуу менен жүргүзүп келе жатканын байкоого болот.

Шарль де Голль менен Эммануэль Макрон – бири-бирине окшош жана бир нече жагынан айырмаланган лидерлер. Шарль де Голлдун доору – өз заманынан драматургиясы жогору символикалык ырааттуулугу менен белгилүү болсо, Эммануэль Макрондун президенттиги мурас катары эмне сактап калып, эмне өзгөртүлүшү керек экенин тандоодо турат. Алардын ортосундагы айырмачылыктарды түшүнүү Франциянын азыркы саясатынын багыты менен келечегин баалоого жардам берет.

## ШАРЛЬ ДЕ ГОЛЛЬ – “БИ-БИ-СИ” РАДИОСУ

Экинчи дүйнөлүк согушта фашисттик Германиянын аскерлеринин соккусунан 1940-жылы май айында Франция кыйроого учурап, капитуляцияга дуушар болуп, Француз өкмөтү мекенин таштап кетүүгө аргасыз болгон. Франциянын ошол кездеги аскер министринин орун басары Шарль де Голль согуштан жабыркаган француз аскерлеринин башын бириктирип, бөтөн элде баш калкалап жүрүп, “Би-Би-Си” радиосу аркылуу Лондондон жалпы француз элине бир нече жолу кайрылуу жасап, өзүнө байланышууга чакырган. Оңунан чыкпаган кадамдарына карабай алдыга койгон максатынан кайра тартпай, “Эркин француздар душманга таяныч база катары кызмат кылууга эч качан макул эмес! Биздин бир гана максатыбыз, бир гана амбициябыз бар, ал мекенибизди баскынчылардан бошотуп, эркиндикти дүйнө жүзүнө орнотууга салым кошуу!” деп бозгунда жүргөн француз элинин духун көтөрүп, жыйынтыгында төрт жүз миңден ашуун мекенчил француздардан турган армия курап, талоонго түшкөн Францияны фашисттик баскынчылардан бошотууга жетишкен. Чачылган француздарды жыйнап, океандын толкунундай айбаттуулук менен мекенин баскынчылардан бошотуп, жеңишке жеткирген генерал Шарль де Голль болгон.

Жалпы адамзатка тиешелүү пендечилик француздарда да кездешкен. Де Голлду Жанна д, Арктын, Наполеон Бонапарттын деңгээлинде тааныган француздар согуштан кийинки баш аламандык капшабы менен жээрий баштаган... “Франциянын тагдыры жеке адамдын тагдырынан жогору турат. Менин принцибиме туура келбеген шартта бийлик талашып отурууга мен макул эмесмин...” деп өз каалоосу менен отставкага кеткенде, аны француздар Парижди таштап кетүүгө аргасыз кылган. Үй-жайсыз, банкта бир сом акча каражаты жок Шарль де Голль өзү туулуп өскөн Коломбого келип жарыбаган полковниктин пенсиясы менен кыйын турмушта күн кечирген. Согуштан кийин бригадный генерал чини берилип, бирок, расмий буйрук менен бекитилбей калган генерал Де Голль турмуш зарылчылыгынан кредит алып, өзүнө тиешелүү кымбат баалуу буюмдарын сатып жашоого аргасыз болгон. Бирок ал келечектен үмүт үзгөн эмес. Ошол тазалыгы, жупуну жашоосу менен элге жагып, 1958-жылы Франциянын президенттик шайлоосуна катышып, кайрадан жеңишке жетишкен. Анын бийликке келиши менен жаңы конституция кабыл алынып, өлкөдө президенттик башкаруу күчөтүлгөн. Он жылдык президенттик башкаруусунда СССР баш болгон көптөгөн үлкөн мамлекеттер менен саясий-экономикалык алакаsuccessfully бекемдеп, Францияны улуу державалардын катарына кошкон. Ал “Амбициясы жок эл – жыгачтан жасалган замбиректин огуна барабар” деп, бардык күч элдин колунда, элдин амбициясында экенин баса белгилеген.

**КӨЗҮ ӨТӨРДӨН** эки жыл мурда Де Голль өз каалоосу менен президенттик кызматынан баш тарткан. Жетимиш тогуз жашында каза болгон Француз лидерин акыркы сапарга узатуу зыйнатында АКШнын президенти Ричард Никсон, “Шарль де Голль эстелик тургузууга муктаж эмес. Анткени, ал өзү монумент. Анын колунан жасалган эмгек – Франция” деп таамай баа берген. Шарль Де Голлдун өмүрүнө 23 жолу кол салуу болуп, бир да жолу жан алгычтар максатына жеткен эмес. Душмандары ондогон террордук актыларды уюштуруп, көзгө атар мергендерди эки жолу жалдап, жок кылууга аракеттенген. Бир жолку кол салууда аялы жаракат алган. Ал өмүрүнө кол салган адамдарга Президенттик укугунан пайдаланып кечирим берип, жазасын жеңилдеткен. Ал өзүн жок кылууга буюртма берген душмандарынын кылмыш ишин “өтө пастык” деп баалап, аны аткарууга макул болгондорго “адам теңелүүгө арзыбайт” деп баа берген. Президент болуп турган 10 жыл аралыгында карапайым эл катары жупуну жашаган. Брондолгон ок өтпөс картежден, үй кызматчысынан баш тарткан, анын жеке менчик үйү болгон эмес. Өмүрүнүн аягына чейин Франциянын Елисей сарайынын бир бөлмөсүндө үй-бүлөсү менен убактылуу жашап өткөн.

Тарыхты барактап отуруп Шарль де Голль сыяктуу өз элине, мамлекетине өмүрүн арнап, ак эмгек кылган улуу инсандарды абдан сейрек кезиктирүүгө болот. Франциянын Президенти маркум Шарль де Голль эң оор күндөрдө элдин арасынан татыктууларды тандап чыгып кызматка коёрдо, батынып макул болгонун да жоопкерчиликтен коркуп баш тартканын да “сени мен кызматка чакырып жатканым жок, Франция, бүтүндөй француз эли сага ишенип, жооптуу ишке чакырып жатат” - деп дайындап, мамлекеттик кызматкерлерге зор милдет арткан. Шарль де Голль ошондой ак ниет, чечкиндүү кадамдары менен капитуляцияга учурап, жок болуп кетүү коркунучунда турган Францияны дүйнөлүк державалардын катарына кошкон улуу инсан, мыкты жол башчы болгон. А Эммануэль Макрон бүгүнкү кризистик абалдан чыгууга кандай жол табат, аны чукул арада мезгил көрсөтөт.

**Бахпурбек АЛЕНОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

АКТУАЛДУУ МАЕК

## Чаткал райондук ма
## башчысы–акими СЕҢ

# “ГЭСтер
# ЭНЕРГЕ
# КРИЗИС
# ЖАРДА

***Кыргызстандын эң алыскы аймактарынын бирине Чаткал району дагы кирет. Ак кар, көк муз жамынган улуу тоолор курчаган бул аймакта ак эмгеги менен кадыр-баркка, урмат-сыйга татыган карапайым, меймандос, эмгекчил калк жашайт. Жаратылыш шарты катаал, жыл маалынын көбүн кыш мезгили өкүм сүргөн Чаткал районунда азыр ар тараптуу өнүгүүлөр, өзгөрүүлөр болуп жатат. Аталган райондун мамлекеттик администрациясынын башчысы–акими Сеңирбаев Алтынбек Жыргалбаевич менен болгон маегибизде райондун калкынын жашоосун жакшыртууга, социалдык-экономикалык абалын жогорку чектерге жеткирүү үчүн жасалган аракеттер тууралуу сөз болду.***



**- Алтынбек Жыргалбаевич, районго жетекчи болуп келгениңизге төрт жылдан ашып бара-тыптыр. Аймактын өнүгүү мүмкүнчүлүгүн билип калсаңыз керек. Райондун социалдык-экономикалык жактан ирденүүсүнө артыкчылык берген тармактарга токтолуп өтсөңүз...**

- Административдик-аймактык түзүлүшү боюнча райондо 2 айыл аймагы жана алардын курамына кирген 22 айыл бар. Райондун негизги тармагын айыл чарбасы түзүп, негизинен мал чарбачылыгына басым жасалат. Бул максатта райондо 3 асыл тукум чарба түзүлүп, иш алып барууда. Чарбалардын негизги милдети – малдын асыл сапаттарын жакшыртуу, асыл тукумдуулукту жогорулатуу жана жергиликтүү малчыларды сапаттуу кочкорлор менен камсыз кылуу болуп эсептелет. Мындан сырткары, райондо сандан сапатка өтүү саясатын ишке ашыруу үчүн жыл сайын салттуу түрдө кочкор сынактары өткөрүлүп келет. Бул сынактардын максаты – мыкты кочкорлорду аныктоо, асыл тукум багытындагы жетишкендиктерди жайылтуу жана фермерлер арасында тажрыйба алмашууга шарт түзүү. Аталган иштердин натыйжасында Чаткал районунда асыл тукум малдын саны көбөйүп, сапаты жогорулап, мал чарбачылыгы туруктуу өнүгүүгө багыт алды.

Анан эми айыл чарба тармагын дагы туура пайдаланып, жазгы талаачылык иштерин жүргүзүү үчүн чарбалык субъектилерге жагымдуу шарттарды жаратуу менен айдоо аянттарында агротехникалык эрежелерди толук сактоо аркылуу жогорку түшүмдүүлүккө жетишүү үчүн болгон аракетибизди жасап келе жатабыз. Быйыл 1088 гектар дан эгиндери айдалып, өткөн жылга салыштырмалуу 132 гектарга көп, анын ичинен 722 гектар жаздык буудай себилип, былтыркы жылга салыштырмалуу 36 гектарга көп б.а. 101,4 пайызды түздү. Ал эми 158 гектарга арпа себилип, былтыркы жылга салыштырмалуу 8 гектарга көп, жүгөрү 68 гектарга себилип, былтыркы жылга салыштырмалуу 7 гектарга аз болуп калды. 140 гектар чанактуу дан өсүмдүктөрү былтыркы жылга салыштырмалуу 100,0 пайызды түздү. Мындан тышкары 502 гектарга картошка, 266 гектарга жашылча, 92 гектарга май өсүмдүгү айдалып, дыйкандарыбыз түшүмүн алып, үзүрүн көрүп турган чагы. Кылкандуу дан эгиндерин оруп-жыйноо иштери бүтүп калды.

**Жетекчи тууралуу маалымат:**

***Каарманыбыз Сеңирбаев Алтынбек мырзанын кичи мекени – Теңир-Тоо койнундагы Нарын районунун Эки-Нарын айылы. Ал азыр эр ортону элүү жашта. Нарын шаарындагы С.Нааматов атындагы мамлекеттик университетти аяктап, инженер-энергетик кесибине ээ болгондон кийин ар бир эр жигиттин маңдайына жазылган бийик атуулдук озуйпасын аткаруу үчүн аттанат. Бир нече муниципалдык мекемелерде татыктуу эмгектенип, эли-журтунун ак баталарына, зор алкыштарына арзыйт. Нарын райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы–акими болуп иштеп жүрүп, ротациялоо жолу менен Чаткал районунун жетекчилигине дайындалат. Мына, андан бери 4 жылдын жүзү болду. Элет жериндеги ар бир түйүндүү маселелерди чече билген Алтынбек мырза райондун ишин алга жетелеп, ийгиликтер жаралды.***

**- Калкты ичүүчү суу менен камсыздоо иштери кандай жүрүүдө?**

- Терек-Сай айыл аймагында калкты таза суу менен камсыздоо боюнча Терек-Сай айылынын 1-Май, Турдалиев, Борбордук көчөлөрү, Болуш айылынын Болуш 1, 2 көчөлөрү, Ак-Терек айылынын Горняк 1, 2 көчөлөрү, Жаңы-Конуш көчөсү, Ак-Терек айылы, Подгорный, Дөң, баня тараптагы участкаларды кошкондо, Ынтымак көчөсү, Кызыл-Токой айылынын бардык көчөлөрү таза суу менен камсыздалды.

2025-жылга карата Болуш айылындагы Арча-Суу участкасына 1979,6 млн сом жана Ынтымак көчөсүндөгү жаңы участкага таза суу чыгаруу үчүн 1996,9 млн сомду түзгөн долбоор даярдалып, жергиликтүү Кеңештин кароосуна сунушталды.

Терек-Сай айыл аймагына караштуу Сумсар, Шекафтар айылдарындагы калкты таза суу менен камсыз кылуу үчүн Терек-Сай айыл өкмөтүнүн 2025-жылга карата түзүлгөн социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын иш-планына кирип, 141000,0 млн сомдук долбоор даярдалып, Жалал-Абад облустук таза суу департаментине тапшырылган.

Каныш-Кыя айыл өкмөтү 2025-жылдын 1-июнуна карата маалыматында Коргон-Сай айылына ичүүчү таза суу тартуу боюнча “Курулуш уста кг” фирмасы менен 2024-жылдын 29-февралында №35 келишимдин негизине ылайык 22 978 630 сомго келишим түзүлүп, аткарылган жумуштарга тапшырган отчетуна ылайык 3 384 800 сом акча каражаты которулуп берилген. Азыркы күндө калган 19 593 830 сомго курулуш иштери кайрадан улантылып, жумуш жүрүп жатат. Ошондой эле Жаңы-Базар, Курулуш, Акташ айылдарына ичүүчү таза суу тартуу боюнча Айыл чарба министрлигине караштуу суу чарба департаментинен алынган маалымат боюнча долбоор, смета даярдалып август айында мамлекеттик сатып алуулар порталына жарыяланмакчы.

**- Чаткал районунда алтын кенин иштеткен бир катар инвесторлор бар эмеспи. Ошол ишканалар тууралуу дагы айта кетсеңиз.**

- Райондун аймагында иштеген кен казуучу ишканалар келишимде каралган социалдык колдоо милдеттенмелери боюнча талаптагыдай иш алып барууда десем болот. Ошондой эле районубуздун, ал тургай республикабыздын экономикалык жактан өнүгүүсүнө чоң салымдарын кошуп келишүүдө. Терек-Сай айыл аймагында кен казган "Эти Бакыр Терексай" ЖЧКсы тарабынан аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жакындан жардам көрсөтүлүп келет. Ошондой эле ар жылы мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн жашоо-шарты оор окуучулардан ар бир мектептен бирден окуучуну окуу жайга контрагын төлөп, билимге ээ болууларына көмөктөшүүдө.



Ал эми «Кичи-Чаарат» жабык акционердик коому Кытайдын улуттук “China National Gold Group” алтын казып алуу корпорациясынын чет элдик туунду ишканасы болуп саналат. Бул компания Кыргызстанда 2013-жылы негизделген. Кытайдын бул белгилүү өнөр жай холдингинин ишмердүүлүгүнө геологиялык чалгындоо, тоо-кен казып алуу, руданы байытуу жана кайра иштетүү, өндүрүлгөн продукцияны тазалоо жана сатуу, илимий изилдөөлөр жана иштеп чыгуулар жана долбоорлоо жана курулуш иштери кирет. Бул компания ишке ашыра турган долбоордун курулушу 2014-жылы башталып, 2019-жылы расмий түрдө ишке берилген. Руданы кайра иштетүү долбоордук кубаттуулугу – жылына 1,8 млн тонна. Жалпы инвестиция көлөмү 253 млн АКШ долларын түзөт. Компания деңиз деңгээлинен 2400–2800 метр бийиктикте иш алып барат. Автотранспорт, суу менен камсыздоо жана электр менен жабдуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүп алышкан. Ошону менен бирге социалдык пакет боюнча жардамга муктаж жарандарыбызга ар дайым колдоо көрсөтүп турушат.

Райондун аймагындагы Куру-Тегерек кени ири скарн тибиндеги жез-алтын кени болуп эсептелет. Байытуу фабрикасынын долбоордук кубаттуулугу – суткасына 6000 тонна (жылына 1,8 млн тонна). Запастар болжол менен 32,42 млн тоннаны түзүп, анын ичинде: 260 миң тонна жез, 28 тонна алтын бар. Кендин иштөө мөөнөтү 19 жылга белгиленген.

Дагы бир кен иштетүүчү компания – «Кичи-Чаарат» ишканасы жер астынан сульфиддүү руданы казып иштетип келишти. Азыркы учурда ачык ыкма менен (карьер) иштетүү жүргүзүлүүдө жана негизинен кычкылданган руда (окисленая) казылып алынат.

Жалпысынан мамлекеттик бюджетке төлөнө турган салык – 4,667 млрд сом. Мындан тышкары, жергиликтүү коомчулукту өнүктүрүүгө 8 млн сом бөлүү пландалууда. Бул компаниянын иш-процессине карьерден казып алуу, руданы майдалоо жана андан кийин флотациялык байытуу кирет.

Компанияда 432 кызматкер иштейт, анын 86сы – Кытай жарандары, 346сы – Кыргыз Республика-





## ...млекеттик администрациясынын ...ДИРБАЕВ Алтынбек:

# ...ди КУРУУ ...ТИКАЛЫК ...СТЕН ЧЫГУУГА ...М БЕРЕТ”



сынын жарандары, анын ичинен 90% – Чаткал районунун тургундары. Кыргыз жарандарынын айрымдары компанияда жетекчилик кызматтарды ээлеп турушат. Айлык маяна тармактык орточодон жогору. Инновациялар жана жетишкендиктер, алга карай жылуулар сезилерлик.

Компания автоматташтырылган мониторинг системаларын, учкучсуз кароочу технологияларын жана калдыктарды кайра иштетүү ыкмаларын киргизүүдө. 2014-жылдан тартып компания тарабынан экологияга жана эмгек коопсуздугуна өзгөчө көңүл бурулуп келет. Жамгыр жана саркынды сууларды бөлүү системалары, чаң кармоочу жабдуулар орнотулган. Саркынды сууларга мониторинг аккредитацияланган уюмдар тарабынан жүргүзүлөт.

Ошондой эле жогоруда сөз болгондой социалдык жоопкерчилик жана кызматташуу атайын каралган мыйзамдардын негизинде ишке ашырылууда. Чаткал райондук администрациясы менен кызматташуу келишими түзүлгөн. Корпоративдик социалдык жоопкерчилик (КСЖ) фонду иштейт.

Регионду өнүктүрүү боюнча туруктуу кеңешмелер өткөрүлөт. Тешик-Арык каналын реабилитациялоого райондук өнүктүрүү фондунан 5 млн сом каралып, анда 4 жарым чакырым жол салынууда. Бул ишке Каныш-Кыя айыл өкмөтүнөн да каражат бөлүнүүсү каралууда.

**- Кен казуучу компаниялар жергиликтүү коомчулукту колдоо жана өнүктүрүү максатында кандай салымдарды кошууда?**

- Чаткал районунун аймагын өркүндөтүү үчүн алар жолдорду оңдоо жана жакшыртуу, суу менен камсыздоо жана көчөлөрдү жарыктандыруу системаларын өркүндөтүү, мектептерди, медициналык мекемелерди жана маданий иш-чараларды колдоо, аз камсыз болгон жана улгайган тургундарга социалдык жардам көрсөтүү, жергиликтүү тургундардын туруктуу кирешесин камсыздоо үчүн аары чарбасын өнүктүрүү программасы маселелеринин алкагында иштеп жатышат. Төлөнгөн салык жана жыйымдардын жалпы көлөмү 3,811 млрд сомду, жергиликтүү коомчулукту өнүктүрүүгө жумшалган каражат – 182 млн сомду түздү.

**– “Жолу оңолсо, иши оңолот” деп коюшат эмеспи, анын сыңары райондо экономиканын күрөө тамыры болгон жолдордун оңолуп жаткандыгы тууралуу кабарыбыз бар. Ушул иштер тууралуу айтып бериңизчи?**

- Ала-Бука–Жаңы-Базар–Кара-Буура унаа жолунун 0-100 км чакырым аралыгын реконструкциялоого республикалык бюджеттен 4 млрд сом акча каражаты каралып, 2025-жылга биринчи катмар – 38,9 чакырым, экинчи катмары – 30 чакырым асфальт басылды. Андан сырткары кооптуу жолго 13 даана селкана жана 4 даана көпүрө салынды. Учурда жолду кеңейтүү жумуштары 3 участкада жүрүп жатат (30-32 км, 51-57 км, 80-84 км).

Узундугу 16 км болгон Каныш-Кыя–Кара-Буура жаңы авто унаа жолунун долбоору даярдалып бүткөрүлүп, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин астындагы Жол чарба департаментине өткөрүлүп берилди. Бул жол аркылуу борборубуз Бишкек шаарына кыш мезгилинде дагы каттоого мүмкүнчүлүк берет жана районду транспорттук туюктан чыгарат. Чаткал–Ташкент жаңы авто унаа жолун куруу боюнча 2024-жылдын 28-июлунда Чаткал районунун Ак-Таш айылында Кыргыз Республикасынын жана Өзбекстан Республикасынын министрлеринен турган эки өлкөнүн делегаттары жолугушуу өткөрүшкөн. Жолугушууда Чаткал–Ташкент авто унаа жолун куруу жана Чаткал дарыясынын төмөнкү агымына ГЭС каскадын куруу боюнча маселелер каралган. Жыйынтыгында эки тараптан түзүлгөн жумушчу эксперттик топтун иштеп чыгуусуна токтолушкан. 2024-жылдын сентябрь айында аталган жумушчу топ Чаткал өрөөнүнө келип, мүмкүнчүлүктөрдү баалоо иштерин жүргүзүшүп кетишкен.

**- Бир жыл мурун Чаткал дарыясына ГЭСтер каскадын куруу боюнча үч тараптуу келишимге кол коюлду эле, азыр аракеттер кандай болууда?**

- КР Президентинин 2023-жылдын 23-мартындагы “Энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануу үчүн багытталган жерлерди берүү маселелери жөнүндө” ПЖ №62 Жарлыгынын алкагында, КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-августундагы “Энергиянын кайра жаралуучу булактары чөйрөсүндө мамлекеттик-жеке өнөктөштүк инновациялык долбоорун ишке ашыруу жөнүндө” №523 токтомунун негизинде, 2024-жылдын 12-сентябрында КР Президентине караштуу Инвестициялар боюнча Улуттук агенттиктин алдындагы Мамлекеттик жеке-өнөктөштүк борборунда, Каныш-Кыя айыл аймагындагы Чаткал дарыясына “Башкы-Терек”, “Коргон-Сай”, “Чуңкурчак” жана “Айгыр-Джал” чакан ГЭСтеринин каскадын куруу, эксплуатациялоо жана тейлөө боюнча мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн пилоттук долбоорлорун ишке ашыруу максатында келишим түзүлдү.





Жыйынтыгында КР Президентине караштуу Инвестициялар боюнча Улуттук агенттиги (МЖӨ чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган), Чаткал райондук мамлекеттик администрациясы (мамлекеттик өнөктөш), “Грант Холдинг” ЖЧК (жеке өнөктөш) ортосунда Чаткал дарыясына ГЭСтер каскадын куруу боюнча үч тараптуу келишимге кол коюлду.

Аталган ГЭСтердин курулушу районубузга көптөгөн пайда алып келет. Долбоордун болжолдуу жалпы кубаттуулугу 160 МВт түзүп, 200 млн $ АКШ долларлык инвестиция тартылат. Бул инвестиция районубуздун энергетикалык кризистен өз алдынча чыгышына жардам болот. Андан сырткары, мамлекетибизге салыктар жана жумуш орундарынын түзүлөрү, айылдар ичиндеги суугат суу жетпеген жерлерге ирригация маселелеринин чечилиши, тактап айтканда 1000 га жер аянтынан ашуун жерлер суугат жер болот. Ошондой эле аталган долбоор өзүн актагандан кийин 49 жылда мамлекетибизге кайтарып алуу мүмкүнчүлүгү каралган. Учурда жерлерди трансформациялоо иштери жыйынтыкталууда. Аталган долбоордун курулуш иштерине 300 жумуш орун жана курулуп ишке берилгенден кийин 100 туруктуу жумуш орундарын түзөт. Андан сырткары Чандалаш дарыясына чакан ГЭС куруу боюнча жер аянттар трансформацияланып, Жашыл-Энергетика фондуна мөөнөтсүз пайдаланууга берилди.

Айтор, районубузда калктын жашоо-шартын жакшыртуу үчүн көптөгөн аракеттер болуп жатат. Анын бир мисалы, Чаткал районунун Сумсар айылында ата мекендик өндүрүштү колдоо максатында “Тулпар” тигүү цехи ачылып, ишке берилди. Аталган цехти уюштурууга Чаткал районунун аймагындагы тоо-кен компанияларынан түшкөн акча каражаттын эсебинен каржыланып, 120 адам атайын окуудан өтүп, иштеп жатышат. Тигүүчү кыздарды заманбап жабдууларга окутуу улантылып жатат. Себеби, фабрика 300 жумушчу орунга ылайыкташкан. Жумушчуларды окутуп, даярдоо калктын аярлуу катмарына басым кылынган. Тоолуктар үчүн маанилүү болгон окуяга КР ЖКнын Төрагасы Нурланбек Тургунбек уулу, ЖКнын депутаты Азиз Турсунбаев жана Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондунун башкармалыгынын төрагасы Артём Новиковдор катышты.

**- Алтынбек мырза, маанилүү маегиңиз үчүн ыраазычылык билдиребиз. Бекем ден соолук, иштериңизге албан ийгиликтерди каалайбыз.**

***Чаткал райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы–акими Сенирбаев Алтынбек Жыргалбаевич элдин ишеничине ээ болуп ушул кызматты аркалап келет. Эл ишенимин туу тутуп, алардын район, айыл аймактары менен байланышкан үмүттөрүн, максаттарын ишке ашырып, чексиз кадыр-баркка, урмат-сыйга ээ болду. Анын жетекчилиги астында көптөгөн долбоорлор ишке ашып, райондун жашоочулары кубанып турчу күндөр алдыда. Алтынбек мырзага жана анын элине аманчылык, бакубатчылык каалайбыз.***

**Раиса ДҮЙШӨНБЕКОВА**





Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ, ДЕПУТАТТЫККА ТАЛАПКЕРЛЕРДИН ТИЗМЕСИНЕН КАТТАЛГАН ТАЛАПКЕРЛЕРДИ ЧЫГАРУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ КАНТ, АЛАМҮДҮН, ЫСЫК-КӨЛ, ТОКТОГУЛ ЖАНА НООКАТ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу, депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерлерди чыгаруу жана бош калган мандаттарды жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын төмөнкү чечимдери келип түштү:

1) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 1-пунктунун жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктунун негизинде, депутаттык ыйгарым укуктарын тапшыруу жөнүндө жазуу жүзүндө арыз бергендигине байланыштуу жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери:

– Кант аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 29-августундагы №3 Чүй облусунун Кант шаардык кеңеши боюнча;

– Аламүдүн аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 4-сентябрындагы №7 Чүй облусунун Аламүдүн районунун Кара-Жыгач айылдык кеңеши боюнча;

– Ысык-Көл аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 3-сентябрындагы №9 Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районунун Жусуп Абдрахманов айылдык кеңеши боюнча;

– Токтогул аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 3-сентябрындагы №4 Жалал-Абад облусунун Токтогул районунун Токтогул шаардык кеңеши боюнча.

2) Жеке арызынын негизинде депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерди чыгаруу жөнүндө чечимдери:

– Аламүдүн аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 4-сентябрындагы №7 Чүй облусунун Аламүдүн районунун Кара-Жыгач айылдык кеңеши боюнча;

– Ноокат аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 26-августундагы №14 Ош облусунун Ноокат районунун Көк-Бел айылдык кеңеши боюнча.

3) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун негизинде, бош калган мандаттарды тиешелүү көп мандаттуу шайлоо округу боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын көбүн алган шайланган депутаттан кийинки талапкерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери:

– Аламүдүн аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 4-сентябрындагы №7 Чүй облусунун Аламүдүн районунун Кара-Жыгач айылдык кеңеши боюнча;

– Ысык-Көл аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 3-сентябрындагы №10 Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районунун Жусуп Абдрахманов айылдык кеңеши боюнча.

4) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунун жана 11-бөлүгүнүн негизинде, бош калган мандатты саясий партиянын тизмесинде шайланган депутаттардан кийинки талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери.

– Кант аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 29-августундагы №3 Чүй облусунун Кант шаардык кеңеши боюнча;

– Токтогул аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 3-сентябрындагы №4 Жалал-Абад облусунун Токтогул районунун Токтогул шаардык кеңеши боюнча.

Аймактык шайлоо комиссияларынын кабыл алынган чечимдери "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесинин, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин талаптарына ылайык келет.

"Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 28-пунктуна ылайык, Борбордук шайлоо комиссиясы жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутатынын бош калган мандатын өткөрүп берүү жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди катталган тизмеден чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерин бекитет.

Аймактык шайлоо комиссияларынын бекитүүгө келип түшкөн чечимдеринин "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 5-беренелеринин талаптарына ылайыктуулугун карап чыгып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы,

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

– Кант, Аламүдүн, Ысык-Көл жана Токтогул аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештеринин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери 1-тиркемеге ылайык;

– Аламүдүн жана Ноокат аймактык шайлоо комиссияларынын депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерди чыгаруу боюнча чечимдери 2-тиркемеге ылайык;

– Кант, Аламүдүн, Ысык-Көл жана Токтогул аймактык шайлоо комиссияларынын бош калган мандаттарын тизмеде катталган талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери 3-тиркемеге ылайык.

**2.** Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү ушул токтом жарыяланган күндөн тартып, анык эмес деп таанылсын.

**3.** Кант, Аламүдүн, Ысык-Көл жана Токтогул аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын 3-тиркемеге ылайык каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилери тапшырсын.

**4.** Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**5.** Бул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

**6**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**7**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 10-сентябры, №70***

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын*
*2025-жылдын 10-сентябрындагы*
*№70 токтомуна 1-тиркеме*

### Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулгандыгы жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдери

| № | Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы жана чечимге негиз | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Ф.А.А. |
|---|---|---|---|
| **ЧҮЙ ОБЛУСУ** | | | |
| **Кант шаары** | | | |
| 1. | Кант АШК, №3, 29.08.2025-ж. (26.08.2025-ж., өз арызы) | Кант шаардык | Уметалиев Канатбек Калыгулович (5) "Бирге-Вместе" депутаттык фракциясы |
| **Аламүдүн району** | | | |
| 2. | Аламүдүн АШК, №7, 04.09.2025-ж. (14.08.2025-ж., өз арызы) | Кара-Жыгач айылдык (№2 шайлоо округу) | Асанова Минара Кубанычбековна |
| **ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ** | | | |
| **Ысык-Көл району** | | | |
| 3. | Ысык-Көл АШК, №9, 03.09.2025-ж. (13.08.2025-ж., өз арызы) | Жусуп Абдрахманов айылдык (№ 2 Ананьево-2 шайлоо округу) | Усубакунов Алтынбек Камчыбекович |
| **ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ** | | | |
| **Токтогул району** | | | |
| 4 | Токтогул АШК, №4, 03.09.2025-ж. (27.08.2025-ж., өз арызы) | Токтогул шаардык | Асылбеков Урматбек Айтмурзаевич (5) "Бирге-Вместе" депутаттык фракциясы |

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын*
*2025-жылдын 10-сентябрындагы*
*№70 токтомуна 2-тиркеме*

### Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерлерди чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссиясынын чечими

| № | Тизмеден чыгаруу боюнча АШКнын чечиминин №, датасы жана чечимге негиз | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Катталган талапкерлердин тизмесиндеги талапкердин Ф. А. А. |
|---|---|---|---|
| **ЧҮЙ ОБЛУСУ** | | | |
| **Аламүдүн району** | | | |
| 1. | Аламүдүн АШК, №7, 04.09.2025-ж. (19.08.2025-ж., өз арызы) | Кара-Жыгач айылдык (№2 шайлоо округу) | Акматалиева Бактыгуль Дюшембиевна |
| **ОШ ОБЛУСУ** | | | |
| **Ноокат району** | | | |
| 2. | Ноокат АШК, №14, 26.08.2025-ж. (26.08.2025-ж., өз арызы) | Көк-Бел айылдык (№2 Исанов шайлоо округу) | Топчубаева Бузулайка Маматжунусовна |

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын*
*2025-жылдын 10-сентябрындагы*
*№70 токтомуна 3-тиркеме*

### Жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таанылгандыгы жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдери

| № | Бош калган депутаттык мандатты ыйгаруу боюнча АШКнын чечими | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Жергиликтүү кеңештин кийинки шайланган депутатынын Ф. А. А. | Иштеген жери, ээлеген кызматы |
|---|---|---|---|---|
| **ЧҮЙ ОБЛУСУ** | | | | |
| **Кант шаары** | | | | |
| 1. | Кант АШК, №3, 29.08.2025-ж. (28.08.2025-ж., өз арызы) | Кант шаардык | Сармолдоев Аскат Шекербекович (8) "Бирге-Вместе" саясий партиясы | Ысык-Ата филиалында Кадастрдык жана картография боюнча башкы адис |
| **Аламүдүн району** | | | | |
| 2. | Аламудүн АШК, №7, 04.09.2025-ж. (01.09.2025-ж., өз арызы) | Кара-Жыгач айылдык (№2 шайлоо округу) | Бейшекеева Жылдыз Райовна | Убактылуу иштебейт |
| **ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ** | | | | |
| **Ысык-Көл району** | | | | |
| 3. | Ысык-Көл АШК, №10, 03.09.2025-ж. (15.08.2025-ж., өз арызы) | Жусуп Абдрахманов айылдык (№2 Ананьево-2 шайлоо округу) | Темирбеков Марат Бактыгулович | Жеке ишкер |
| **ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ** | | | | |
| **Токтогул району** | | | | |
| 4. | Токтогул АШК, №4, 03.09.2025-ж. (02.09.2025-ж., өз арызы) | Токтогул шаардык | Кенжекулов Болгонбек Айтбекович (7) "Бирге-Вместе" саясий партиясы | Токтогул райондук электр тармагында айдоочу |

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН РЕГЛАМЕНТИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 5, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын регламенти тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Регламенти жөнүндө" 2011-жылдын 13-июнундагы №16 токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Регламентине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" 2013-жылдын 26-сентябрындагы №154 токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "2011-жылдын 13-июлундагы №16 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Регламентине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" 2017-жылдын 6-майындагы №110 токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2011-жылдын 13-июлундагы №16 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Регламентине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" 2020-жылдын 4-февралындагы №32 токтому;

5) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2011-жылдын 13-июлундагы №16 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Регламентине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" 2020-жылдын 26-июнундагы №107 токтому.

**3.** Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С.Жупуева жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т.ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 10-сентябры, №73***

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 10-сентябрындагы №73 токтомуна тиркеме*

## Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын РЕГЛАМЕНТИ

### 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Регламент Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (мындан ары - Борбордук шайлоо комиссиясы) ишин жүзөгө ашыруунун тартибин жана эрежелерин аныктайт.

2. Борбордук шайлоо комиссиясы конституциялык макамга ээ, туруктуу иштеген мамлекеттик орган болуп саналат жана өз ишмердүүлүгүн мыйзамдуулук, айкындуулук, ачыктык, көз карандысыздык, коллегиалдуулук, адилеттүүлүк жана калыстык принциптеринин негизинде алып барат.

3. Борбордук шайлоо комиссиясы Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын шайлоолорун, ошондой эле Кыргыз Республикасында референдумдарды (жалпы элдик добуш берүү) уюштурат жана өткөрөт.

Борбордук шайлоо комиссиясы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча комиссиялардын тутумун жетектейт.

Борбордук шайлоо комиссиясы өз ыйгарым укуктарынын чегинде Кыргыз Республикасынын шайлоо мыйзамдарын аткаруунун алкагында ведомстволор аралык жана ички жумушчу топторду түзөт, ошондой эле алардын ишин координациялайт.

4. Борбордук шайлоо комиссиясынын ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясы, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдары, "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө", "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана анын ишмердүүлүгүнө тиешелүү башка ченемдик укуктук актылар, ошондой эле ушул Регламент менен жөнгө салынат.

5. Борбордук шайлоо комиссиясы өз ишмердүүлүгүн мамлекеттик органдарга, коомдук бирикмелерге жана кызмат адамдарына көз карандысыз жүргүзөт.

Борбордук шайлоо комиссиясынын ишмердүүлүгүнө кийлигишүүгө жол берилбейт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет.

6. Борбордук шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарынын чектеринде кабыл алынган чечимдер мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин жана ишканалардын кызмат адамдары, саясий партиялар (алардын өкүлдөрү), коммерциялык эмес уюмдар, талапкерлер (алардын өкүлдөрү), байкоочулар, демилгелүү топтордун мүчөлөрү, шайлоочулар, референдумдун катышуучулары, ошондой эле шайлоо комиссиялары үчүн милдеттүү.

7. Борбордук шайлоо комиссиясынын жайгашкан жери (почталык дареги): 720040, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50.

Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайты – www.shailoo.gov.kg.

8. Ушул Регламент менен жөнгө салынбаган маселелер Борбордук шайлоо комиссиясынын башка укуктук актылары менен аныкталат.

### 2-глава. Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы, төраганын орун басарлары жана мүчөлөрү

9. Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы:

1) мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, коммерциялык эмес, эл аралык жана башка уюмдарда Борбордук шайлоо комиссиясынын атынан чыгат;

2) Борбордук шайлоо комиссиясынын ишмердүүлүгүн уюштурат;

3) Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналыштарын чакырат жана төрагалык кылат;

4) анын ыйгарым укуктарына кирген маселелер боюнча буйруктарды жана тескемелерди чыгарат;

5) Борбордук шайлоо комиссиясынын токтомдоруна жана башка документтерине кол коёт;

6) Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдеринин ишке ашырылышын көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат;

7) Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын орун басарларынын жана мүчөлөрүнүн ортосунда милдеттерди жана тапшырмаларды бөлүштүрөт;

8) Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратына жалпы жетекчилик кылат;

9) төраганын орун басарларынын, Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын, төмөн турган шайлоо комиссияларынын ишмердүүлүгүн координациялайт жана көзөмөлдөйт;

10) Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын штаттык санын, түзүмүн жана чыгымдарынын сметасын бекитет;

11) колдонуудагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкерлерин жана штаттан тышкаркы кызматкерлерди ишке кабыл алууну жана бошотууну (ишке тартылган кызматкерлерди жумушка алуу боюнча эмгек келишимин түзөт, өзгөртөт жана токтотот) жүзөгө ашырат;

12) шайлоо комиссияларынын ишмердүүлүгүн каржылык жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу маселелерин чечет;

13) Борбордук шайлоо комиссиясынын дарегине келип түшкөн бардык сунуштар, арыздар жана даттануулар жөнүндө Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө маалымдайт жана аларды карап чыгуу боюнча ишти уюштурат;

14) жыл сайын 1-июндан кечиктирбей Жогорку Кеңешке шайлоолорду, референдумдарды даярдоонун жана өткөрүүнүн практикасы жөнүндө; жарандардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу жана укуктук маданиятын жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө; шайлоо мыйзамдарын аткаруу боюнча чаралар жөнүндө ар жылдык баяндаманы жана шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча мыйзам чыгаруу сунуштарын берет;

15) Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын орун басарларына, аппараттын кызматкерлерине карата тартиптик жаза чараларын колдонот;

16) Борбордук шайлоо комиссиясынын сыйлыктары менен сыйлайт, Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүн, аппараттын кызматкерлерин мамлекеттик сыйлыктар менен сыйлоого, жогорку класстык чендерди, ардактуу жана Кыргыз Республикасынын башка атайын наамдарын ыйгарууга көрсөтөт;

17) белгиленген тартипте жарандардыі жеке кабыл алат жана алардын кайрылууларын белгиленген тартипте каралышын көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат;

18) коррупцияга каршы аракеттер боюнча иштерди уюштурат;

19) Конституцияда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

10. Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы жок болгон учурда (ооруп калган учурда, иш сапарында, эмгектик же башка өргүүлөргө чыкканда) анын ыйгарым укуктарын, Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын тиешелүү буйругунун негизинде Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын орун басарларынын бири аткарат.

Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын жана анын орун басарларынын бир учурда жумуш ордунда жок болушуна жол берилбейт.

11. Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын орун басарлары:

1) Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы жок болгон же өз ыйгарым укуктарын ишке ашыра албаган учурда (ооруп калган учурда, иш сапарында, эмгектик же башка өргүүлөргө чыкканда) анын милдеттерин аткарат;

2) Борбордук шайлоо комиссиясынын ишмердүүлүгүн жалпыга маалымдоо каражаттарында жана социалдык тармактарда чагылдырууну уюштурат, шайлоолордун жана референдумдардын маалыматтык өнөктүгүн координациялайт, коомчулук менен байланыш түзөт;

3) белгиленген тартипте жарандарды кабыл алууну жүзөгө ашырат;

4) өз ыйгарым укуктарынын чегинде тапшырмаларды берет.

12. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү төмөнкүлөргө укуктуу:

1) Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын тапшырмасы боюнча төмөн турган шайлоо комиссияларынын ишмердүүлүгүн көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырууга жана жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн натыйжалары тууралуу билдирүүгө;

2) шайлоолорду даярдоо жана өткөрүү мезгилинде түзүлгөн жумушчу топторго жетекчи болуп дайындалган учурда анын ишин координациялоого. Төрага менен макулдашуу боюнча Борбордук шайлоо комиссиясына кайрылган шайлоо процессинин субъектилерине Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий бланкында каттарга кол коюп жөнөтүүгө;

3) Борбордук шайлоо комиссиясынын сыйлыктары менен сыйлоо жөнүндө сунуштарды белгиленген тартипте тиешелүү комиссиянын кароосуна киргизүүгө;

4) Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын ишке ашырууда келип чыгуучу кызыкчылыктардын кагылышуусун башкаруу, "Кызыкчылыктардын кагылышуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана башка ченемдик укуктук актыларга ылайык жүргүзүлөт.

13. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10-беренесинин 2-бөлүгүндө белгиленген ченемдер менен бирге төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) Борбордук шайлоо комиссиясынын кароосуна киргизилген маселелерди талкуулоодо жыйналыштарга жеке өзү катышууга;

2) кызыкчылыктардын кагылышуусуна алып келиши мүмкүн болгон учурларды кошпогондо, жыйналыштарда талкууланган маселелер боюнча добуш берүүгө;

3) Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасына жүйөлүү себептер боюнча (ооруп калуу, өргүүдө же кызматтык иш сапарында болуу ж.б.) жыйналышка катышууга мүмкүн эместиги жөнүндө кабарлоого;

4) шайлоо, референдум маселелери жана Борбордук шайлоо комиссиясынын компетенциясына кирген башка маселелер боюнча ченемдик-укуктук актыларды даярдоого активдүү катышууга;

5) төмөн турган шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө окууларды өткөрүүгө;

6) белгиленген тартипте жеке жана юридикалык жактарды, алардын өкүлдөрүн кабыл алууга жана кайрылууларын кароого.

14. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн статусу жана ишмердүүлүгүнүн негизги кепилдиктери "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы менен жөнгө салынат.

### 3-глава. Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналыштары

15. Борбордук шайлоо комиссиясынын ишмердүүлүгүнүн уюштуруучулук формасы болуп анын жыйналыштары саналат, алар зарылчылыкка жараша, бирок шайлоолорду, референдумдарды даярдоо жана өткөрүү мезгилинде жумасына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт.

Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышы төрага тарабынан же Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн кеминде үчтөн биринин талабы боюнча чакырылат.

16. Борбордук шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарына тиешелүү бардык маселелер Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышында каралат. Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналыштары ачык жана айкын өткөрүлөт.

Борбордук шайлоо комиссиясынын бардык жыйналыштарын уюштурууну камсыз кылуу Борбордук шайлоо комиссиясынын аппараты ишке ашырат.

Жыйналыштар Борбордук шайлоо комиссиясынын маалымат тармактарында түз эфирде көрсөтүлүшү мүмкүн.

17. Эгерде жыйналышка Борбордук шайлоо комиссиясынын белгиленген курамынын көпчүлүк мүчөсү катышса, ал укук ченемдүү болуп саналат.

Жыйналышта кворум жок болгон учурда төрагалык кылуучу белгилүү бир мөөнөткө, бирок 30 мүнөттөн ашпаган убакытка танапис жарыялайт.

Эгерде танапис убагында кворумдун болушу камсыз кылынбаса, анда жыйналыш кийинкиге жылдырылат.

18. Жыйналыштар Борбордук шайлоо комиссиясы туруктуу турган жерде же көчмө жыйналыш өткөрүү жолу менен өткөрүлөт.

*(Уландысы 12-бетте)*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын РЕГЛАМЕНТИ

*(Башталышы 11-бетте)*

Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналыштары зарыл болгон учурда көрмө конференц байланышты колдонуу менен өткөрүлүшү мүмкүн.

Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү көрмө конференц байланышты колдонуу менен өткөрүлгөн жыйналышка катышкан учурда, ал тийиштүү жыйналышка катышты деп эсептелинет.

Эгерде тиешелүү жыйналыштын күн тартибине жашыруун добуш берүү жүргүзүлө турган маселе жана (же) добуш берүүнүн жыйынтыгы тууралуу, шайлоолордун, референдумдардын натыйжалары жөнүндө протоколдорго кол коюуга жана жыйынды таблицаларга байланышкан маселе киргизилген учурда Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү жеке өзү катышат жана кол коёт.

19. Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышына аппараттын жетекчиси, төраганын кеңешчиси, аппараттын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери, ошондой эле жыйналыштын күн тартиби боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын актыларынын долбоорлорун даярдаган кызматкерлер катышууга милдеттүү.

Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналыштарына тиешелүү талапкерлер, алардын ишенимдүү адамдары, саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, аккредиттелген же чакырылган жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, демилгечи топтордун өкүлдөрү, байкоочулар, эл аралык байкоочулар катышууга укуктуу.

20. Жыйналышты өткөрүү күнү жана убактысы Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы тарабынан белгиленет.

Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүн кабарлоо аппарат тарабынан эреже катары жыйналышка кеминде бир күн калганда камсыз кылынат. Шайлоолорду жана референдумдарды даярдоо жана өткөрүү мезгилинде билдирүү жыйналыш күнү жөнөтүлүшү мүмкүн.

21. Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышынын күн тартиби тиешелүү түзүмдүк бөлүм тарабынан даярдалат, документтердин долбоорлору Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө таанышуу үчүн жыйналыш башталганга чейин бир күн мурда таратылып берилет. Шайлоолорду жана референдумдарды даярдоо жана өткөрүү мезгилинде документтер жыйналыш өткөрүлгөн күнү берилиши мүмкүн.

22. Жыйналыштын күн тартибинин долбооруна жыйналышта каралууга тийиш болгон маселелер, аларды кароонун кезектүүлүгү, ар бир маселени даярдоого жооптуу баяндамачылар (кошумча баяндамачылар), ошондой эле башка маалыматтар киргизилет.

Борбордук шайлоо комиссиясынын аппарат жетекчиси төраганын, төраганын орун басарларынын тапшырмасы же мүчөлөрдүн сунушу боюнча жооптуу түзүмдүк бөлүмдүн жетекчисине жыйналыштын күн тартибине киргизилген ар бир маселе боюнча зарыл материалдарды даярдоого тапшырма берет.

Аппараттын жооптуу түзүмдүк бөлүмүнүн жетекчиси тиешелүү маселе боюнча материалдарды даярдайт жана аларды тийиштүү түзүмдүк бөлүмдөр менен макулдашат, белгиленген тартипте визаларды чогултат жана аларды иш кагаздар менен иштөө секторуна берет.

Жыйналышка даярдалган долбоорлорго, милдеттүү түрдө аткаруучу (котормону жүргүзгөн кызматкер, эгер болсо), жооптуу түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси, укуктук жактан камсыздоо маселеси боюнча түзүмдүк бөлүм, төраганын кеңешчиси, аппарат жетекчиси жана Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын орун басары тарабынан виза коюлууга тийиш.

23. Күн тартибине киргизилген маселелер боюнча берилген материалдарга төмөнкүлөр кирет:

– токтомдун же чечимдин (жобо, нускама, регламент, эреже, тартип, катышуучулардын тизмеси жана башкалар) долбоорлору жана алардын тиркемелери;

– каралып жаткан маселе ар тараптуу талдоого жана объективдүү баа берүүгө дуушар болгон финансылык-экономикалык жана башка эсептер, алар боюнча маалымдама жана аналитикалык документтер;

– салыштырма таблицасы - эгерде киргизилген долбоордун кабыл алынышына байланыштуу айрым токтомдорго же чечимдерге (жобого, нускамага, регламентке, эрежеге, тартипке) өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсе, ошондой эле алар күчүн жоготту деп эсептелсе.

Аппараттын жооптуу түзүмдүк бөлүмүнүн жетекчилери жыйналышка киргизилген материалдардын мыйзамдуулугу, негиздүүлүгү жана сапаты, берилген маалыматтын аныктыгы үчүн жеке жоопкерчилик тартышат.

24. Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жыйналыштын күн тартибине киргизилүүчү маселелери боюнча материалдарды чогултуу, жыйналышты өткөрүү боюнча уюштуруу иш-чараларын аппараттын иш кагаздар менен иштөө сектору жүзөгө ашырат.

### 4-глава. Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышын өткөрүү тартиби

25. Жыйналышты уюштурууга жооптуу түзүмдүк бөлүм, Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүн жана жыйналышка катышууга чакырылган адамдарды каттайт жана бул жөнүндө төрагалык кылуучуга билдирет. Чакырылган адамдар жөнүндө маалымат жыйналыштын күн тартибине киргизилген маселелерге ылайык, кезектүүлүк тартибинде төрагалык кылуучу тарабынан жарыяланат.

26. Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышы күн тартибинин долбоорун талкуулоодон башталат. Күн тартиби Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен бекитилет.

Күн тартибинин долбоорундагы маселе Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн демилгеси боюнча күн тартибинен алынып салынышы мүмкүн.

27. Төрагалык кылуучу Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышында:

– Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышын алып барат;

– Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышынын күн тартибине киргизилген маселелерди талкуулоону уюштурат, аны добуш берүүгө коёт;

– Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө жана чакырылган адамдарга кезектүүлүк тартибинде сөз берет;

– Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн бардык сунуштарын, алардын келип түшкөн тартибинде добушка коёт;

– добуш берүү учурунда акыркы болуп добуш берет;

– добуш берүүнүн жыйынтыгын жарыялайт;

– Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жана чакырылган адамдар тарабынан ушул Регламенттин жоболорунун сакталышын камсыз кылат;

– Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышынын ишине тоскоолдук кылган чакырылган адамдарды жыйналыштар залынан чыгаруу жөнүндө маселени добушка коёт.

28. Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналыштарында баяндамалардын, кошумча баяндамалардын, корутунду сөздөрдүн, башка чыгып сүйлөөлөрдүн узактыгы баяндамачы жана кошумча баяндама жасоочулар менен макулдашылган тартипте белгиленет жана эгерде Борбордук шайлоо комиссиянын чечимдери менен башкача белгиленбесе: баяндама үчүн – 20 мүнөткө чейин, кошумча баяндама үчүн – 10 мүнөткө чейин, корутунду сөз үчүн – 5 мүнөткө чейин, чыгып сүйлөө үчүн – 3 мүнөткө чейин, маалымат берүү, кайрылуулар үчүн – 2 мүнөткө чейин болууга тийиш.

Төрагалык кылуучу Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышка катышкан мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн макулдугу менен жыйналыштын күн тартибине киргизилген маселени талкуулоонун жалпы узактыгын, суроолорго жана жоопторго бөлүнгөн убакытты өзгөртө алат.

29. Кошумча баяндамачы маселенин мүнөзүнө жараша жыйналыштын күн тартибине киргизилгенден кийин аныкталат.

Кошумча баяндамачылар катары Борбордук шайлоо комиссиясынын жана жумушчу топтордун мүчөлөрү, мамлекеттик органдардын жана башка уюмдардын өкүлдөрү, ишеним кат боюнча талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү чыгып сүйлөй алышат.

Арыздарды жана даттанууларды кароодо арыз берүүчүлөр, кызыкдар тараптар кошумча маалымат бере алышат.

Шайлоо комиссияларынын, саясий партиялардын, министрликтердин жана ведомстволордун, мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коомдук бирикмелердин өкүлдөрүнүн шайлоону жана референдумду даярдоого жана өткөрүүгө байланышкан маселелер боюнча маалыматтарын угууда баяндамачы катары ушул уюмдун өкүлдөрү чыгат.

30. Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналыштары мамлекеттик тилде өткөрүлөт (зарылчылыкка байланыштуу расмий тилде өткөрүүгө жол берилет).

Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышында стенограмма же видео, үн жазуу колдонулушу мүмкүн.

31. Борбордук шайлоо комиссиясынын кароосуна киргизиле турган маселелерди даярдоо үчүн Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү, аппараттын кызматкерлери, адистер жана эксперттер кирген жумушчу топтор түзүлүшү мүмкүн.

### 5-глава. Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналыштарында добуш берүүнүн тартиби

32. Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдери анын жыйналыштарында ачык же жашыруун добуш берүү аркылуу кабыл алынат. Ачык добуш берүү кол көтөрүү аркылуу, ал эми жашыруун добуш берүү бюллетендерди колдонуу аркылуу жүзөгө ашырылат. Жашыруун добуш берүү Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан ушундай чечим кабыл алынгандан кийин жүргүзүлөт.

33. Борбордук шайлоо комиссиясынын бардык мүчөлөрү добуш берүүдө бир добушка ээ.

Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү жыйналышта каралып жаткан маселелер боюнча жеке өзү добуш берет.

Добуш берүүгө катышууда кызыкчылыктардын кагылышуусуна алып келиши мүмкүн болгон учурлардан тышкары, жыйналышка катышып жаткан Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү добуш берүүдө калыс болууга укуксуз.

Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү жыйналыштын күн тартибиндеги маселе же токтомдун (чечим, жобо, нускама, регламент, эреже, тартип) долбоору боюнча өзүнүн өзгөчө пикирин жазуу жүзүндө баяндоого укуктуу. Анын өзгөчө пикири Борбордук шайлоо комиссиясынын бардык мүчөлөрүнө маалымдалат жана зарыл болгон учурда каралышы мүмкүн. Башка учурларда анын өзгөчө пикири жыйналышка катышып жаткан Борбордук шайлоо комиссиясынын башка мүчөлөрүнө маалымдалат жана протоколго тиркелет.

Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн жазуу жүзүндө таризделген өзгөчө пикири, эгерде ал кабыл алынган чечимге каршы добуш берген болсо, Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими менен бирге жарыяланууга тийиш. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн өзгөчө пикири ал кандайдыр бир чечимге каршы добуш берген Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышынан кийин бир күндүн ичинде берилиши керек.

34. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү күн тартибиндеги маселе боюнча добуш берүүдө көз карандысыз.

Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнө күн тартибиндеги маселени ар тараптуу, толук жана объективдүү кароого тоскоолдук кылуу же оң чечим кабыл алууга жетишүү максатында ага кандайдыр бир таасир этүү чараларын колдонуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тиешелүү жоопкерчиликке алып келет.

### 6-глава. Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдерин кабыл алуунун тартиби

35. Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдери "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамында аныкталган тартипте, Борбордук шайлоо комиссиясынын курамы тарабынан кабыл алынат.

Күн тартибиндеги маселени кароонун натыйжалары боюнча даярдалган токтомдун (чечим, жобо, нускама, регламент, эреже, тартип) долбоору жалпысынан же маселени талкуулоонун жүрүшүндө киргизилген түзөтүүлөр менен кабыл алынат же болбосо маселени талкуулоону кийинкиге калтыруу жөнүндө (маселени күн тартибинен алып салуу) чечим кабыл алынышы мүмкүн.

36. Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышына төрагалык кылуучу анын мүчөсүнүн талабы боюнча, анын компетенциясына кирген жана бекитилген күн тартибине ылайык жыйында каралып жаткан кандай гана маселе болбосун добуш берүүнү өткөрүүгө милдеттүү.

37. Борбордук шайлоо комиссиясынын актылары чечим же токтом түрүндө кабыл алынып, төрагалык кылуучу тарабынан кол коюлат.

Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдери төмөнкү учурларда кабыл алынат:

– Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналыштарында жаралган жол-жобо маселелери боюнча;

– шайлоо процесстеринин катышуучуларынын (талапкерлер, саясий партия, демилге топ, шайлоочу ж.б.) укуктарына, милдеттерине жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына түздөн-түз тиешелүү маселелер боюнча;

– шайлоо процесстеринин субъекттеринин даттанууларын, арыздарын, кайрылууларын жана суроо-талаптарын кароо боюнча;

– тиешелүү укуктук натыйжага алып келген укук колдонуу мүнөзүндөгү маселелер боюнча (мисалы: талапкерди каттоо, каттоону жокко чыгаруу, белгилүү бир участоктогу шайлоону жараксыз деп табуу ж.б.).

Борбордук шайлоо комиссиясынын токтомдору төмөнкү учурларда кабыл алынат:

– ченемдик жана жөнгө салуучу мүнөздөгү, шайлоо процессинин бардык катышуучуларына багытталган жалпы милдеттүү маселелер боюнча;

– шайлоо жана референдумдарды уюштуруу жана өткөрүү тартибин жөнгө салуучу жоболорду, эрежелерди, нускамаларды жана башка укуктук актыларды бекитүү боюнча;

– төмөнкү шайлоо комиссиялары, мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, саясий партиялар жана шайлоо процессинин башка субъекттери үчүн милдеттүү болгон талаптарды белгилөө боюнча;

– Борбордук шайлоо комиссиясынын ченемдик-укуктук актыларынын ченемдерин колдонууну расмий чечмелөөдө жана түшүндүрүүдө;

– шайлоо процессин уюштуруучулук жана методикалык камсыз кылуу маселелери боюнча (мисалы: шайлоо документтеринин формалары, добуштарды саноо тартиби, шайлоочуларды маалымдоо тартиби ж.б.).

38. Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышында протокол жүргүзүлөт жана ал мамлекеттик тилде таризделет. Протоколго төрагалык кылуучу жана катчы кол коёт.

Протоколдо жыйналыштын күн тартиби, ага катышкан Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жана башка чакырылган адамдар жөнүндө маалыматтар, талкууга киргизилген маселенин кыскача мазмуну, чыгып сүйлөгөндөр жана өз пикирлерин билдиргендер жөнүндө маалыматтар, каралган ар бир маселе боюнча добуш берүүнүн натыйжалары, кабыл алынган чечимдер көрсөтүлөт.

Шайлоолордун, референдумдардын натыйжалары жөнүндө Борбордук шайлоо комиссиясынын протоколдоруна жыйынга катышкан Борбордук шайлоо комиссиясынын бардык мүчөлөрү кол коюшат.

39. Борбордук шайлоо комиссиясы жыйналышта кабыл алынган чечим жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте жана мөөнөттө арыз ээсин жана кызыкдар тараптардын өкүлдөрүн кабардар кылат жана алардын өтүнүчү боюнча чечимдин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн берет.

40. Чечимдин же токтомдун долбоорун кароодо Борбордук шайлоо комиссиясы талкууланып жаткан маселе боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн же жумушчу топтун, ал долбоорду даярдаган аппараттын кызматкерлеринин маалыматын угат жана талкуулоо жүргүзөт.

Талкуулангандан кийин чечимдин же токтомдун долбоору добуш берүүгө "негиз катары" же "жалпысынан" коюлат. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн чечими долбоордун пункттары же бөлүктөрү боюнча добушка коюлушу мүмкүн.

Сын-пикирлер жок чечимдердин же токтомдордун долбоорлору добушка "жалпысынан" коюлат.

Түзөтүүлөр сунушталган учурларда, алгач добушка долбоор менен каралган вариант, андан кийин келип түшкөнүнө ылайык түзөтүүлөр киргизилген варианттар коюлат. Добуш берүү добуштардын белгиленген саны менен чечим кабыл алынган учурдан тартып токтотулат жана түзөтүүлөрдүн калган варианттары боюнча добуш берүү жүргүзүлбөйт.

Добуш берүүгө Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы же мүчөлөрү тарабынан гана киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор коюлат.

Борбордук шайлоо комиссиясы чечимдерди кабыл алууда төмөнкүлөргө укуктуу:

– чечимдин же токтомдун долбоорун кабыл алууга же аны четке кагууга, анын талкууланышын кийинки отурумга калтырууга;

– токтомдун долбоорун "негиз катары" кабыл алып, аны Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө (жумушчу топко), аталган долбоорду даярдаган аппараттын кызматкерлерине толуктоо үчүн жиберүүгө жана аны толуктоого, ошондой эле Борбордук шайлоо комиссиясынын башка мүчөлөрүн, аппараттын кызматкерлерин жана адистерди толуктап иштеп чыгуу үчүн тартууга.

Кайра карап чыгуу учурунда чечимдин же токтомдун долбооруна анын биринчи талкууланышынан кийин келип түшкөн түзөтүүлөр киргизилет.

Жаңы маалыматтар, жагдайлар келип түшкөн учурда, Борбордук шайлоо комиссиясы мурда кабыл алынган чечимди кайра кароого кайрылышы мүмкүн.

Кабыл алынган чечим, токтом жана отурумдун протоколу 3 күндүн ичинде таризделет.

41. Конституцияга, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келген же белгиленген ыйгарым укуктарынан аша чаап кабыл алынган Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдери Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан же сот тартибинде жокко чыгарылууга жатат.

*(Уландысы 13-бетте)*

# Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын РЕГЛАМЕНТИ

*(Башталышы 12-бетте)*

42. Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан кабыл алынган токтомдор, чечимдер жана башка ченемдик актылар коомчулукка зарылчылыкка жараша "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын чегинде жалпыга маалымдоо каражаттарында, анын ичинде Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жарыялоо менен жеткирилет.

**7-глава. Борбордук шайлоо комиссиясынын ишин камсыздоо**

43. Борбордук шайлоо комиссиясынын ишмердүүлүгүн уюштуруу-усулдук, маалыматтык-аналитикалык, укуктук, финансылык, материалдык-техникалык жагынан камсыздоону Борбордук шайлоо комиссиясынын аппараты жүзөгө ашырат.

Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратына жетекчиликти Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын жетекчиси жүргүзөт.

Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкерлери мамлекеттик кызматчылар болуп саналышат.

Борбордук шайлоо комиссиясынын аймактык шайлоо комиссияларындагы атайын өкүлдөрүнүн мамлекеттик органдар, саясий партиялар жана коомдук бирикмелер менен өз ара аракеттерин жалпы координациялоону Борбордук шайлоо комиссиясынын аппарат жетекчиси жүзөгө ашырат.

Борбордук шайлоо комиссиясынын уюштуруу түзүмү, штаты жана анын иштөө тартиби Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы тарабынан аныкталат.

44. Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкерлеринин укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги, ошондой эле мамлекеттик кызматты өтөөсүнүн шарттары Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси, "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын буйругу менен аныкталат.

Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоолорду, референдумдарды даярдоо жана өткөрүү менен байланышкан иштерди аткарууга эмгектик келишимдер боюнча штаттан тышкары кызматкерлерди (адистерди) тарта алат, алардын акы төлөмдөрү Борбордук шайлоо комиссиясынын чыгымдар сметасы менен аныкталат.

Эмгек келишимде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишке тартылган адистин шарттары, мөөнөттөрү, эмгек акысы көрсөтүлөт.

**8-глава. Борбордук шайлоо комиссиясынын Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарынын сакталышына контролду жүргүзүүнү ишке ашырышы**

45. Борбордук шайлоо комиссиясы өз ыйгарым укуктарынын чегинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын шайлоолорго, референдумдарга даярдануунун жана өткөрүүнүн жөнгө салуучу бөлүгүнүн бузулушу жөнүндө келип түшкөн сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды карап чыгуута, алар боюнча текшерүүлөрдү жүргүзүүгө жана арыз ээлерине мыйзамдарда белгиленген мөөнөттөрдө жооп берүүгө милдеттүү.

46. Сунуштарды, арыздарды, даттанууларды кароону Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы уюштурат жана аларды кароону Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнө, аппаратынын кызматкерине же тийиштүү шайлоо комиссиясына тапшырат.

Төрага зарыл болгон учурда арыз же даттанууларды кароо үчүн тийиштүү адистерди тартуу аркылуу жумушчу топ түзүшү мүмкүн.

Төрага Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө келип түшкөн бардык сунуштар, арыздар, даттануулар жана башка кайрылуулар жөнүндө маалымдайт.

